«Адам укуктарын коргоо жана Борбор Азияда ММКлар аркылуу укуктук билим берүү» долбоор

# БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ АДАМ УКУКТАРЫ

Май 2011-жыл

*Квартал сайын чыгып туруучу маалымат-аналитикалык бюллетень*



## ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ ЧЫГАРЫЛЫШ


Европа комиссиясы

Норвегиянын тышкы иштер министрлиги

INSTITUTE FOR WAR & PEACE REPORTING
IWPR
Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту

IWPRДЫН БОРБОРДУК АЗИЯ БОЮНЧА АЙМАКТЫК
ДИРЕКТОРУ А. СУЛТОННАЗАРОВ

# УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!



*Элдердин чындыкты издөө эркиндиги болгон күндө гана чындык жашайт.*

***Франклин Делано Рузвельт***

Адам укуктарынын бузулушу, жашоо сыяктуу эле татаал. Андан сырткары кээ бир коомчулукта адам укуктарынын бузулушу маданий салттын кадимки көрүнүшү катары эсептелиши мүмкүн. Чынын айтсам, Борбордук Азиядагы IWPRдын жамааты үчүн бул укук коргоо багытындагы долбоор чоң сыноо болду. Биз буга чейин укук коргоо темасына мынчалык терең кайрылган эмеспиз. Ооба, биз адам укуктары темасында буга чейин макалаларды жазып келгенбиз, бирок бул багытта тегерек столдорду, семинарларды, лекцияларды, бейөкмөт уюмдар менен ММКлардын ортосундагы байланышуу боюнча атайын адистештирилген тренингдерди уюштурган эмеспиз. Ошону менен катар Борбордук Азия аймагында мындай сандагы активисттер менен биргеликте иш алып барган эмеспиз. Булар өз өмүрлөрүн жалпы адамзаттын баалуулуктары үчүн күрөшүүгө сайган, өз ишине берилген жана чечкиндүү адамдар. Булардын ичинде зордук-зомбулуктан, мыйзамсыздыктан жапа чеккендер, ошону менен катар кадыр-баркы бул маселенин оң чечилишине таасир берүүчү адамдар да бар. Бул долбоордун алкагында биз бей¬өкмөттүк уюмдардын өкүлдөрү, мамлекеттик түзүмдө иштеген өкүлдөр, кеңири профилдеги эксперттер, журналисттер жана тургундар менен иштештик. Мен кайталап айтам, биз IWPRдын кызматкерлери юристтер же укук коргоочулар эмеспиз, бирок биз алдыбызга укук коргоочулар (алардын билими, мыйзамдарды иштеп чыгуу жана коомдук кампанияларды өткөрүү тажрыйбалары менен) менен журналисттерди (коомчулуктун бардык катмарына маалыматты жеткире алышы) байланыштыруу максатын койгонбуз. Долбоор башталганга чейин бизде канчалык деңгээлде мындай иш-чараларга муктаждык бар экендигин аныктообуз көрсөткөндөй, көбүрөөк натыйжалуу максаттарга жетүүгө дал ушул көпүрө жетишсиз экендиги ачык болгон. Укук коргоочулар кеңири аудитория менен аларга жеткиликтүү тил менен сүйлөшүүнү дайыма эле түшүнө бербейт, ал эми журналисттер укук коргоо темасын терең түшүнө беришпейт. Ушуну эске алып, биз аймактагы мамлекеттердин ар бири үчүн эң көйгөйлүү аспектини тактап жана жыйынтык үчүн максаттуу иш алып бардык – иш-чарабызды аймактык борборлордон баштап, мамлекеттердин борборлору, андан кийин аймактык деңгээлге чейин жеттик. Бул көйгөйлөр боюнча эң жогорку деңгээлде «кагылган коңгуроо» болдук. Жыйынтыгында долбоор менен иштөөнүн эки жылында биз аймактык деңгээлде формалсыз өнөктөштүк байланышты (сеть) түзүүгө жана калктын укуктук сабаттуулугун көтөрүүгө жетиштик. IWPRдын өзгөчөлүгү – бул өлкөлөрдүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен бүт аймакты бирге алгандыгында. Биз Казакстандын, Кыргызстандын жана Тажикстандын бардык түйүндөрүндө болдук. Ошондой эле мүмкүн болбогон нерселерди жасоого жетиштик. Мисалы, чет өлкөлөрдө жашап жүрүшкөн диссиденттер, Түркмөнстан менен Өзбекстандан өз кесиптештерибизди, тажрыйба алмашуу максатында биздин аймактык талкууларыбызга чакыра алдык.

Албетте, өз иштеринин адиси болгон биздин өнөктөш уюмдарыбыздын көмөгүсүз эч нерсеге жетише алмак эмеспиз. Мен биз менен иштешип, өз билимин бөлүшкөн, бизди колдошкон жана бизге ишенич менен мамиле кылгандардын баарына өз ыраазычылыгымды билдирем.

Кесиптештеримдин сабырдуулугуна рахмат айткым келет. Өзүн-өзү сындай билүү, перфекционизм жана кызматтардын так бөлүнүшү ушул эки жыл аралыгындагы биздин бирден бир ишенчитүү мамилебиз болду. Бизде болгон команда демилгеси бизге оңойдон жаралган жок. Ар бир кызматкердин жигердүүлүгү жана мотивациясы иш-чараларды жогорку деңгээлде өткөрүүгө жардам берди. Бул убакыт аралыгында биз менен кызматташкандар менен катар өзүбүз да өстүк. Иш-чараларыбыз ж¬өнүндө бизди тренингдердин катышуучуларынын социалдык тармактарда өздөрүнүн жакшы ойлорун билдириши бизге өтө жагымдуу. Биз окуткан адамдар, өздөрү тренер ишин аркалашууда, эң жогорку мамлекеттик кызматтарга чакырылышууда жана чет өлкөгө окууга кетишүүдө. Тематиканын татаалдыгына жана биздин редакторлордун катуу талабына карабастан, бизге макала жазууну каалагандардын саны азайган жок жана эл аралык аудиторияга чыгышууда.

Бул долбоор, аймактын жашоочуларына жалпы болгон нерселер көп экендигин далилдеди. Биз качан чогулганыбызда бири-бирибизди айттырбай түшүнөбүз.


Тигил же бул көрүнүштөрдү өтө жандуу талкуулагандыктан, ким кайдан келгендигин, ким чиновник, ким бейөкмөт уюмдарынан экендигин унутуп каласың. Бардык чектөөлөр жасалма сыяктуу эле болуп калат. Борбордук Азиядагы биздин калк эркиндикти сүйгөн, кең пейил жана меймандос. Мен баары ушундай калышын каалайт элем. Дагы бир каалоо – биздин балдарыбыз биздин бүгүнкү жасаган ишибизге ыраазы болгондой иштешибизди каалайт элем. Ар бирибиздин жана келечек муундарыбыздын жыргалчылыгы үчүн, бүгүнкү жашоонун чындыгы менен карасак, бардык баалуулуктарды колдонуу үчүн бардык биздин салтыбызды, маданиятыбызды жана менталитетибизди трансформациялоого боло тургандыгына мен терең ишенем. Биздин укук коргоо долбоорубуздун биринчи фазасы өз ишин аяктоодо. Экинчи фаза донорлор тарабынан колдоо табат деген үмүттөбүз. Алдыда – көптөгөн жаңы жана бир топ терең укук коргоо иштерине арналган экинчи фазадагы жумуштар турат. Кайрадан көрүшкөнгө чейин достор!

Сиздерди терең урматтап,
**Абахон Султонназаров.**

# EC/NORWAY ТАРАБЫНАН КАРЖЫЛАНГАН «БОРБОРДУК АЗИЯДА АДАМ УКУКТАРЫН КОРГОО ЖАНА ММКЛАРДЫН ЖАРДАМЫ МЕНЕН УКУКТУК БИЛИМ БЕРҮҮ» ДОЛБООРУНУН АЛКАГЫНДА IWPRДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ.


Долбоордун иштөө мөөнөтү 2009-жылдын мартынан 2011-жылдын мартына чейин

## IWPRдын Борбордук Азиядагы негизги иш-чараларынын географиясы.





## Окуялар күн барагы

**2008** Январь




Өзбекстанда өлүм жазасынын алынып салынышы жана Habeas Corpus институтунун киргизилиши

**2008** Сентябрь




Түркмөнстанда жаңы конституция кабыл алынды

**2008** Декабрь



Түркмөнстандагы парламенттик шайлоо

**2008**



Кыргызстанда жана Тажикстандагы энергетикалык кризис

**2008-2010**



Өзбекстандагы журналисттерди камакка алуу

**2009** 25-Март




Борбордук Азиядагы эң ырайымсыз мыйзам – Тажикстандагы дин жөнүндөгү мыйзамдын кабыл алынышы

**2009** 10-Июль

Казакстанда интернет-булактарын ММКлар менен бирдей караган мыйзамга кол коюлду

**2009** 23-Июль



Кыргызстандагы президенттик шайлоодо К.Бакиев жеңип чыкты

**2009** Сентябрь



Түркмөнстанда биринчи жолу журналистика факультети ачылды

**2009** Октябрь




Андижан окуясынан кийин Өзбекстанга коюлган санкция алынып салынды

**2009** Декабрь



Кыргызстандык журналисттерге карата бир нече кол салуулар жа Геннадий Павлюктун өлтүрүлүшү

**2009**



Тажикстанда ашыкча иш-чараларды той-аштарды өткөрүү тыюу салгандан кийин өлкөдө миллиард доллардын үнөмдөлүш

# БУЛ ЧЫГАРЫЛЫШТА:


5 ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

7 ТЕГЕРЕК СТОЛДОР

11 АТАЙЫН ИШ-ЧАРАЛАР:

11 Журналисттик сынак жана журналисттер менен укук коргоочулар үчүн колдонмолордун чыгарылышы

12 Журналисттер менен укук коргоочулар үчүн колдонмолордун чыгарылышы

14 ДОЛБООРДУН МЫКТЫ ЖУРНАЛИСТТИК МАКАЛАЛАРЫ

14 Казакстан

16 Кыргызстан

18 Тажикстан

20 Өзбекстан

22 Түркмөнстан

24 ТРЕНИНГДЕР

27 ЖАҢЫ МАКАЛАЛАР

27 Казакстан

30 Кыргызстан

34 Тажикстан

36 Өзбекстан

38 Түркмөнстан

42 ДОЛБООРДУН ҮСТҮНДӨ ИШТЕГЕНДЕР

43 ГАЛЕРЕЯ «ДОЛБООРДУН ЖҮЗҮ»


# ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ГЕНДЕРДИК АКТИВИСТТЕРИ ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ЗОРДУК-ЗОМБУЛУКТУН АЛДЫН АЛУУ ЖААТЫНДАГЫ ӨЗ ТАЖРЫЙБАЛАРЫ МЕНЕН ПИКИР АЛМАШЫШТЫ

2011-жылдын 29-30-мартында Дүйшөмбү шаарында IWPR «Борбордук Азиядагы үй-бүлөлөрдө зордук-зомбулук көйгөйү. Ага каршы иш-аракеттердин механизмдери» деген темада аймактык тегерек стол өткөрдү.

Эки күндүк талкууга аймактагы төрт өлкөнүн – Тажикстан, Казакстан, Кыргызстан жана Өзбекстандын өкүлдөрү, анын ичинде өкмөттүн, тартип коргоо органдарынын өкүлдөрү, парламент депутаттары, судьялар, диний ишмерлер, коомдук жана эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышышты. Тегерек стол Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан “Борбордук Азия мамлекеттеринде адам укуктарын коргоо жана ММК аркылуу укуктук билим берүү” долбоорунун алкагында Тажикстан өкмөтүнүн алдындагы Аялдар маселеси боюнча комитет менен биргеликте уюштурулду.

## КӨЙГӨЙДҮН АБАЛЫ



Батыш эксперттеринин маалыматына ылайык, жыл сайын дүйнө жүзү боюнча үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан 1,8 миллион аял жана таң калыштуусу 2 миллион эркек жапа чегет экен. Иш-чаранын катышуучулары өз өлкөлөрүндөгү абал боюнча ойлорун ортого салышты. Кыргызстанда расмий маалымат боюнча адам өлтүргөндүгү же адам өмүрүнө кол салгандыгы үчүн кесилген аялдардын 87 пайызы узак убакыттар бою жакын туугандарынын зордук-зомбулугуна кабылгандыгы тууралуу Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты Алтынай Өмүрбекова Дүйшөмбүдөгү тегерек столдо жасаган докладында айтып өттү. «Соңку жылдары Кыргыз Республикасындагы кризистик борборлорго кайрылгандардын жалпы саны өстү. Алардын 60 пайызы – үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан жабыркагандар. Кыргызстанда аялдарга карата зордук-зомбулуктун 80 пайызы үй-бүлөдө орун алат», - деп белгиледи Өмүрбекова. «Сезим» кризистик борборунун директору Бүбүсара Рыскулова Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинен алынган маалыматка ылайык, 2010-жылдын 10 айынын ичинде үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун кесепетинен улам 7 өлүм, ден соолукка оор зыян келтирген 10 жана жеңил зыян келтирген 37 учурлар катталгандыгын белгилеп өттү.

«Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук көйгөйүнүн ачык эместиги (Латентность) көйгөйдүн масштабын жана канчалык терең экендигин аңдоого тоскоол болуп жаткандыгын «“Status” аялдар федерациясы» коомдук бирикмесинин төрайымы, Казакстан Республикасынын Президентинин алдында аялдар маселеси жана үй-бүлөлүк демографиялык саясат боюнча Улуттук комиссиянын мүчөсү Ирина Унжакова айтып өттү. – Казак Республикасындагы адам укуктары боюнча маалыматтарга ылайык, 2008-жылы кризистик борборлорго 21 679 телефон чалуулар болуп, алардын көпчүлүгү – физикалык жана психологиялык жактан жабыркагандар болгон. Бул багытта иш жүргүзүлүп жатканына карабастан телефон чалуулар улантылып жатат. Унжакованын кесиптеши Асия Хайруллина, «Чыгармачыл интеллигенция аялдар лигасы» деп аталган коомдук уюмдун төрайымы, Казакстанда эрте турмуш куруу жана өспүрүм кыздардын кош бойлуулугу көп кездешип жаткандыгын кошумчалады.

Бухара шаарынын Медициналык укуктук борборунун жүргүзгөн мониторингине ылайык, 2009-жылда өзгөчө кырдаалда медициналык жардам көрсөтүүчү ооруканага 260 аял тез жардам унаалары менен жеткирилген. Муну менен зордук-зомбулук көрсөткөн тараптын кылмышка тартылган кээ бир учурлары гана белгилүү экендигин ушул борбордун эксперти Вахид Каримов белгилеп өттү. Ал эми тартип коргоо органдарынын кызматкерлеринин жана дарыгерлердин айтымында, зордукка кабылган жабырлануучуларда «элдешүү механизми» көп колдонулат.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, Тажикстанда сурамжылоого алынган эркектердин 47,1% аялдар негизинен бала төрөөгө, жакшынакай үй кызматкери болуу үчүн жаралгандыгын билдиришкен. Мындай маалыматты Тажикстандагы «Юридикалык теңдиктен – чыныгы теңдикке» бейөкмөттүк уюмдун төрайымы Татьяна Бозрикова өз докладында айтып өттү. Ошондой эле, 2008-жылдын январь айынан сентябрга чейинки аралыкта Тажикстанда аялдардын арасында 240 суицид фактылары катталган, анын негизги себеби жазалоосуз үй-бүлөлүк зордук-зомбулук түзгөн. Үй-бүлөдө аялдарга карата теңсиздиктин орун алышы негизинен айыл жеринде көзөмөлдөнөт жана буга никелешүүнүн мыйзамсыз жолдору (полигамия, кыз уурдоо, эрте нике куруу) негиз болууда. Эксперттер зомбулуктун күнөөкөрүн жазага тартуу боюнча атайын норма мыйзамдуу түрдө бекитилиши зарыл деп эсептешет.

## МЫЙЗАМДЫК БАЗА

Тажикстан «Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктан коргоо жөнүндө» мыйзамды кабыл алуу босогосунда турат. Ал мыйзам профилактикалык мүнөздө болуп, үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршы күрөшүүнүн комплекстүү чараларын түзүүнү карайт. Буга чейин IWPR Тажикстанда үй-бүлөдөгү зомбулук боюнча бул мыйзамды кабыл алуу талабы менен аялдардын коомдук уюмдарын көтөрүү боюнча кеңири иш-чара өткөргөн Кыргызстандан барган Бүбүсара Рыскулова белгилегендей, мыйзам аялдардын абалын жеңилдетүүгө жардам берет, бирок «ооруга даба» эмес. Анын пикирин Тажикстандагы «Перспектива» коомдук фондунун төрайымы Ойнихол Бобоназарова колдой тургандыгын билдирип, «Биз мыйзамдын кабыл алынышын ойлоп эле отура бербей, андан ары жылышыбыз керек: бул мыйзамдын кабыл алынышына жетишүү жана турмушка ашыруу механизмдери жөнүндө ойлонушубуз керек», - деп айтты.

Тегерек столдун катышуучулары үй-бүлөлүк соттордy ишке киргизүү жөнүндөгү Тажикстандын Жогорку Сотунан келген өкүл Лола Кабилова айткан тажик демилгесинин баалуулугун белгилешти.

## КООМЧУЛУК

Бүбүсара Рыскулова тегерек столдо үй-бүлөлүк зордук-зомбулук көйгөйү боюнча Борбордук Азия мамлекеттер арасында телекөпүрө өткөрүү боюнча жаңы идеяны айтты. Анын айтымында, анчалык чыгашаны талап кылбаган бул идея көйгөйгө мамлекеттик төбөлдөрдүн көңүлүн бурууга мүмкүндүк түзөт. «Мамлекет башчыларынын ортосунда сөзсүз мелдешүү бар, ошондуктан бул телекөпүрө биздин бийликтегилерди өзгөрүүлөргө түртөт», - деп эсептейт Рыскулова.

Ошондой эле, тегерек столдо социалдык транзиттик үйлөр концепциясы көтөрүлдү. Мындай үй биринчи жолу Кыргызстанда март айында ачылган. Эгер баш калкалоочу жайларда аял аз мөөнөттө реаблитацияланса, ал эми социалдык үйлөрдө алар бир нече ай бекер жашай алышат жана ал жерден маанилүү кеңеш жана билим ала алышат.

IWPRдын Борбордук Азия боюнча аймактык директору Абахон Султонназаров, «биз көйгөйдүн катышуучусу эмес, бул көйгөйдү чечүүдө биз аялдарга жардам беришибиз керек», - деп белгиледи жана IWPR бул облуста демилгелерди көтөрүүгө дайыма жардам берүүгө даяр экендигин кошумчалады.

Тегерек столдун катышуучулары үй-бүлөлүк зордук-зомбулукту болтурбоо боюнча Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын, Өзбекстандын жана Түркмөнстандын мамлекеттик органдарына, бейөкмөт уюмдарга, эл аралык уюмдарга жана ММКга көптөгөн жолдомолорду жазышты. Эксперттер бул жолдомолордун аткарылышына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүп туруу зарыл деген бирдиктүү пикирге келишти.

Кошумчалай кетчү нерсе, Дүйшөмбүдө өткөн тегерек столдун алкаганда «Борбордук Азиядагы аялдар. Үй-бүлөлүк зордук-зомбулук, миграция, жакырчылык» деген темада сүрөт көргөзмөсү өткөрүлдү. Көргөзмөгө Борбордук Азиянын бардык өлкөлөрдөн, жеке авторлордун - Дэвид Триллинг, Рустам Юлдашев, Зарин Хушвакт, Валера Калиев, Алмаз Калеттин - 46 эмгеги алынды. Андан сырткары, көргөзмөдө каалоочулар БУУнун калктын жайгашуусу жаатындагы долбоордун алкагында жана Кызыл ай улуттук коомчулугу тарабынан даярдалган, ошондой эле Эркин Европа Радиоберүүсүнүн RFE/RL, Stan-TV жана Борбордук Азиядагы IWPRдын сүрөт архивиндеги сүрөт иштери менен тааныша алышты.

# ТЕГЕРЕК СТОЛДОР



## ВИДЕО-КОНФЕРЕНЦИЯ ФОРМАТЫНДАГЫ

*Бишкек. Июль – декабрь 2010-жыл*

2010-жылы «Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун» Кыргызстандагы өкүлчүлүгү Вашингтондогу «Эл аралык тынчтык үчүн» Корнеги фонду менен биргеликте видеоконференцияларды өткөрүү иш-чарасы салтка айланды.

Видеоконференция Интернеттин жана техниканын акыркы жетишкендиктеринин жардамы менен дүйнөнүн ар кайсы бөлүгүндөгү эксперттерди байланыштырууга мүмкүндүк берет. Баары болуп алты жолу «Бишкек – Вашингтон» видеоконференциясы өткөрүлдү. Бул видеоконференциялар Кыргызстанды 2010-жылы бир топ түйшөлткөн маанилүү окуяларга арналды. Тагыраак айтканда, Кыргызстанда бийлик алмашкандан кийинки жаңы Конституцияны кабыл алуу боюнча июндагы реформанын тушундагы саясий абал, 2010-жылдын октябрындагы парламенттик шайлоо жана бүтүндөй Борбордук Азияда парламентаризмдин келечеги сыяктуу маселелер талкууланды. Ошондой эле, Кыргыз парламентиндеги курама түзүмдөрдүн түзүлүү процесси жана Кыргызстандын тышкы саясий, экономикалык, социалдык мамилелеринде кандай өзгөрүүлөр болуу ыктымалдыгы иликтенди. Талкууга Кыргызстан тараптан «Ак Шумкар», «Ар-Намыс», «Ата-Журт», «Замандаш», КСДП саясий партияларынын өкүлдөрү жана алдыңкы серепчилер, ал эми Америка тараптан Вашингтондогу «Эл аралык тынчтык үчүн» Корнеги фонду, АКШнын мамлекеттик департаменти, Ачык коом институту (OSI), Демократияны колдоо улуттук фонду (NED), Эл аралык дин эркиндиги боюнча АКШнын комиссиясы (USCIRF) сыяктуу уюмдардан эксперттер жана көз карандысыз изилдөөчүлөр катышышты. Жолугушууну Вашингтондогу «Эл аралык тынчтык үчүн» Корнеги фондунун Борбордук Азия боюнча белгилүү эксперт америкалык Марта Брилл Олкотт жана IWPRдын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн директору Эрлан Абдылдаев алып барышты.

«Видеоконференция – пикир алмашуунун эң натыйжалуу жана кызыктуу формасы болуп саналат. Учурдагы саясий абалды Вашингтондогу кесиптештер менен талкуулоо өтө жандуу өттү.

Кыргыз Республикасынын вице-премьер-министри Шамил Атаханов:

*Мен IWPRдын Вашингтондогу Карнеги фонду менен биргеликте өткөргөн бир топ видеоконференцияларына катышып калдым, ал өтө кызыктуу формат экен. IWPR ошондой эле кеңири тематикадагы – саясий, социалдык жана экономикалык жааттагы маселелерди камтыган макалаларды жарыялайт. Бул өтө чоң жумуш. Бул институттун макалалары өтө тең салмактуу жана далилденген фактыларга негизделгендиги менен айырмаланат. Өзгөчө биздин ММКларда аз кездешкен укук коргоо темасын белгилей кетким келет.*



Америка тараптан да биздин Кыргызстан тараптан да эксперттердин курамы күчтүү болду. Мындай конференцияларды такай өткөрүп туруу керектигин белгилеп өттү конференциянын катышуучусу саясий серепчи Марс Сариев.

Белгилей кетчү нерсе, Батыштагы эксперттер Кыргызстандагы абалды башка шартта көрүп турушат, мындай видеоконференцияларды өткөрүү аларга чыныгы абалды ичтен аңдап билүүгө жардам берет. Ошондуктан, мындай видеоконференция өз-ара кызматташууга жана туура чечимдерди чыгарууга кеңири шарт түзүп берет. «Биз келечекте эмне болоорун айталгыс эле эмес, өткөндү кайра моделдөө мүмкүнчүлүгү болгон доордо жашап жатабыз. Мисалы, Кыргызстандын түштүгүндөгү июнь окуялары мезгилинде маалымат майданында кандай күчтүү моделдөө жүргөнүнө өзүбүз күбө болдук. Ушундан улам, дүйнө коомчулугу Кыргызстандагы окуяны бир жактуу кабыл алышты. Ал эми мындай видеоконференциялар көп нерсеге объективдүү карооо мүмкүнчүлүк түзөт»,- деди Марс Сариев. Эксперттер мындай форматты аймактын ичиндеги жана чет мамлекеттердеги өз кесиптештери менен саясий, экономикалык же социалдык мүнөздөгү маселелерди талкуулоо үчүн колдонууга боло тургандыгын белгилешти.



Коомдук ишмер, дипломат, КРнын экс-мамлекеттик катчысы Ишенбай Абдуразаков:

*Түрдүү мамлекеттердеги өз кесиптештер менен мындай форматтагы баарлашуу канчалык көп болсо, коюлган маселелер да ошончолук кеңири болот жана өлкөдөгү болуп жаткан процесстерге ой жүгүртүү да ошончолук жемиштүү болот. Ошондой эле мамлекеттер аралык саясий мамилелердин жагымдуу болушуна шарт түзөт.*

Бул формат бүгүнкү күнү көп маселелерди биргеликте чечүүгө жагымдуу жагдайды түзөт. IWPR аймактагы терең кызыгууну туудурган сүйлөшүүлөрдүн негизги учурларын, ошондой эле ар бир видеоконференциянын стенограммасын камтыган пресс-релиздерди жарыялайт.

ТЕГЕРЕК СТОЛДОР

# БОРБОРДУК АЗИЯДА ОРТО БИЛИМ АЛУУНУН КЕЛЕЧЕГИ ЖАНА КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Дүйшөмбү. 16-17- апрель 2010-жыл.*

Тегерек стол Тажик Республикасынын Билим берүү министрлигинин жардамы, ошондой эле БУУнун Балдар Фондунун (UNICEF) жана Ачык коом институту – Тажикстандагы көмөктөшүү Фондунун жардамы менен IWPR тарабынан өткөрүлдү. Бул билим берүү жаатында көп жагынан жалпы жана окшош болгон көйгөйлөрдү талкуулоо үчүн түрдүү облустагы адистерди бириктирген аймактык деңгээлдеги биринчи тегерек стол болду.

Бул аймактык талкууга Тажикстандан, Кыргызстандан, Казакстандан жана Өзбекстандан жалпысынан 60тан ашык өкүлдөр катышышты. Бул жылы Борбордук Азия республикаларынын көпчүлүгү үчүн (Түркмөнстандан башка) билим берүү системасын реформалоо, тагыраак айтканда, орто окуу мектептеринде 12 жыл билим берүү системасына өтүү актуалдуу болду. «Учурда көпчүлүк республикаларда билим берүү чөйрөсүнө реформа жүрүп жатат. Тажикстан да бул багытта иш алып барууда жана 2014-жылга карата 12 жылдык орто билим берүү системасына өтүүнү ойлонуп жатышат», - деди Хамидуллохон Факеров. Ал эми казак депутаты Мухтар Абенов алардын өлкөсү 2001-жылы эле 12 жылдык орто билим берүү системасына өтүү ниетин жарыялагандыгын, бирок маселе практикалык түрдө чечиле электигин белгиледи. «Биздин өлкөдө реформага билим берүүнүн бардык структурасын даярдоо жана аны болушунча натыйжалуу аткаруу максатында бул маселеге акырындап, ирээти менен өтөт», – деп белгиледи Казакстан Мажилисинин депутаты. Тегерек столдун жүрүшүндө бул облуста реформаны жүргүзүүдө Орто Азия мамлекеттери ар кандай тепкичтерде турушаары, бирок ар бир өлкөдө билим берүүнүн өзгөчө тоскоолдуктары бар экендиги белгиленди. Андай тоскоолдуктар жакырчылык, миграция жана балдар эмгегинин кеңири колдонула башташы сыяктуу көрүнүштөрдү камтыйт. Ошону менен катар аймактагы ар бир мамлекетте балдардын белгилүү бир саны мектептен сыртта калышууда. Статистикалык көрсөткүчтөргө таяна турган болсок, Тажикстанда жалпы мектеп балдарынын 2,5%, Казакстанда жана Өзбекстанда 0,2% мектепке барышпайт, ал эми Кыргызстанда мектеп жашындагы балдардын 80миңден көбү окушпайт. Аймактагы өлкөлөрдөгү билим берүү жаатындагы дагы бир көйгөй мектепке чейинки билим берүүгө балдардын өтө аз санынын тартылышы. Тегерек столдун катышуучулары билим берүү жаатында кандай көйгөйлөрдү чечүү керектигин көрсөтүп, өкмөт башчыларына, мамлекеттик тийиштүү органдарга, бейөкмөт уюмдарга, ММКларга жана эл аралык уюмдарга жалпы жолдомо иштеп чыгышты.

«Доор эли» уюмунун жетекчиси, КР адам укуктары боюнча кеңешинин жетекчисинин милдетин аткаруучу, КР Жогорку Кеңешинин V чакырылышынын депутаты Гүлжамал Султаналиева:

*Бул тегерек столунда мен бир топ чиеленишкен маселелерди, анын ичинде билим берүү маселесин талкуулоо үчүн Борбордук Азия мамлекеттеринин парламенттер аралык байланышын түзүүнү сунуштадым. Аймактагы мамлекеттердин мыйзам чыгаруу органдарынын арасындагы байланыш жеткиликтүү колдонулбайт. Окшош маселелерди чечүүдө коңшу өлкөлөрдүн тажрыйбасына таянып мыйзам долбоорлорун көтөрүп чыгууга болот.*



Мухаббатшо Рузадоров, Тажикстандын президентинин илим жана жаңы технология боюнча кеңешчиси:

*Орто билим алуу көйгөйү көп убакыттан бери аймактагы мамлекеттерде мындай деңгээлде талкууга алынган эмес. Бул тегерек стол көтөрүлгөн көйгөй сыяктуу эле бүтүндөй аймак үчүн өтө актуалдуу. Билим берүү – бул үчүнчү миң жылдыктын дини деп айтсак болот, ошондуктан, бул маселеге чоң көңүл бөлүшүбүз зарыл. Биз бири-бирибизди жакшы түшүнүү жана чечимди биргеликте кабыл алуубуз үчүн жалпы аймактык билим берүү мейкиндигин түзсөк жакшы болмок. Мындай иш-чаралар өтө чоң жардам берет.*



ТЕГЕРЕК СТОЛДОР

# БОРБОРДУК АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН ОРТОСУНДАГЫ СУУ МАСЕЛЕСИНЕ БАЙЛАНЫШКАН КАРАМА-КАРШЫЛЫКТЫ ЧЕЧҮҮ МАКСАТЫНДА СҮЙЛӨШҮҮ

*Дүйшөмбү. 12-июнь 2009-жыл*



Борбордук Азияда суу энергетика көйгөйү: «өз ара сүйлөшүүлөргө келүү мүмкүнбү?» деген аталыштагы тегерек столдун катышуучуларынын талкуусунун негизги маңызын аймактагы мамлекеттердин ортосунда эң ири эки дарыянын – Сырдарыя жана Амударыя – суусун колдонууда карама-каршылыктардын келип чыгышына жол бербөө маселеси түздү.

50дөн ашык адистер, анын ичинде Борбордук Азия мамлекеттеринде сууну жана суу энергетикасын колдонуу жаатында эмгектенген алдыңкы эксперттер, өкмөттүк түзүмдө эмгектенген өкүлдөр, депутаттар, Тажикстанда акредитацияланган дипломаттар, ошондой эле ММКнын өкүлдөрү бул көйгөйдүн түрдүү жактарын талкуулашты.

Өзбекстандан бул өлкөнүн Тажикстандагы элчилигинин өкүлү катышты. Тегерек столдун катышуучулары бул өлкөлөрдүн позицияларынын кесилишкен жерин табууга аракеттеништи.

Талаш-тартыштын курчтугуна карабастан тегерек столдун катышуучулары суу маселеси боюнча мамлекеттер аралык чыңалууга жол бербөө керектигин, түзүлгөн абалдан өз ара сүйлөшүүлөр аркылуу чыкса боло тургандыгын бир пикирден колдошту. Бул көйгөйдү чагылдырууда ММКлардын ролуна тегерек столдо өзүнчө сессия өткөрүлдү жана анын жүрүшүндө эксперттер журналисттердин жарыялоолору суу талаш тартышына байланышкан конфликтти чечүүгө көмөк көрсөтпөстөн, тескерисинче аны курчутат деген сыяктуу өз доомattарын айтышты.

Журналисттер өз кезегинде аймактагы өлкөлөрдөгү суу-энергетика жаатындагы мамилелердин кээ бир өздөрү билбеген жактары жөнүндө адистердин оозунан кеңири маалымат ала алышты.

Тегерек столдун эң бир маанилүү жагы тараптардын ортосунда эксперттердин деңгээлинде жемиштүү сүйлөшүүлөрдү баштоого биринчи жолу негиз түздү.

Тажикстандык саясат таануучу Парвиз Муллоджанов

*Борбордук Азия мамлекеттеринде сууну колдонуу маселеси – бул региондогу бирден бир чиеленишкен, көптөгөн талаш-тартышты, өлкөдөгү позициялардын ортосунда келишпөөчүлүктөрдү пайда кылган көйгөйлөрдөн жана жылдан жылга ал курчуй тургандыгы шексиз. Теманы талкуулоонун бул форматы IWPR тарабынан сунушталды. Бул көйгөйдүн көп жактарын тактоонун зарылчылыгы мурда эле бар эле, буга чейин суу-энергетика маселеси боюнча бир тараптуу каралып келген.*



ТЕГЕРЕК СТОЛДОР

# УКУК КОРГОО ИНТЕРНЕТ-ДЕМИЛГЕ ЖАНА БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ОНЛАЙН-ЖУРНАЛИСТИКА

*Бишкек. 24-25-ноябрь 2009-жыл*

Мындай аталыштагы аймактык тегерек стол 2009-жылдын аягында Бишкек пресс-клубунда өткөрүлдү. Ушул эле жылы Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен Казакстан интернет-булактары расмий ММК деген макамды мыйзам түрүндө бекемдеген эле. Тегерек столго медиа-адистер, укук коргоочулар, эл аралык уюмдардын кызматкерлери, профилдик мамлекеттик түзүмдүн жумушчулары, парламенттин депутаттары жана Казакстандан, Кыргызстандан, Өзбекстандан келген саясат таануучулар катышышты. Эксперттер Борбордук Азиядагы Интернетте сөз эркиндигинин деңгээли жана ар бир мамлекеттин өзүндө укуктук интернет демилгенин жана жарандык журналистиканын өнүгүшү жөнүндө талкуулашты.

Коомдук саясатчылар институтунун (IPP) ошол мезгилдеги президенти Муратбек Иманалиев белгилегендей, «Интернет – бул биздин бүгүнкү жашообуздун жаңы сапаттык негизи жана интернет коомчулугунун жана бирикмелеринин пайда болушу менен, башка институттар сыяктуу эле өнүгүүдө, анын ичинде онлайн-журналистика». IWPRдын Борбордук Азия боюнча аймактык директору Абахон Султонназаров, интернет тармагын колдонуучуларынын санынын өсүшү менен Интернеттин артыкчылыгы өзүнө мамлекеттин жана жарандык коомчулуктун көңүлүн буруууда. Статистикалык көрсөткүчтөргө Internet World Stats (www.internetworldstats.com)таяна турган болсок, 2009-жылдын сентябрына карата Борбордук Азияда интернетке кирүү деңгээли боюнча Казакстан – 14,9%, Кыргызстан – 15,6%, Тажикстан – 8,2%, Түркмөнстан – 1,5% сыяктуу көрсөткүчтөрдү көрсөткөн.

Өзбекстан боюнча маалымат бул уюмда жок.

«Телеграф сымысыз интернет тез темп менен өсүүдө. Интернет провайдерлеринин баасынын төмөндөшү менен байланышты колдонуучулардын санынын өсүшү айтпаса да белгилүү,- деп белгиледи Казакстан Республикасынын президентинин алдындагы социалдык-экономикалык бөлүмүнүн башчысы Антон Морозов. Ушул себептен улам, мамлекет интернет мейкиндигин көзөмөлдөөгө аракеттенип жатат. Казак Республикасынын расмий бийлигинин өкүлдөрү интернет-булактарын ММК менен теңештирүүнү «интернет-журналистиканын укуктук талаада өнүгүшүнө көмөктөшүү» катары чечмеледи. Тегерек столдо эксперттер, онлайн-журналистиканын жана блогерлердин коопсуздугу, интернет булактарына бөгөт коюу көйгөйлөрүнө бурду.

Тегерек столдун катышуучуларынын бири, өзбекстандык көз карандысыз журналист Сергей Наумов, учурда Борбордук Азиянын бул өлкөсүндө интернет-кафелерден баштап «Узтелекомдун» акыркы түйүндөрү өткөн жерлерге чейин бардык деңгээлде тазалоо иштери жүрүп жаткандыгын, белгиледи. Тажикстанда интернеттин жайылуу деңгээли өтө төмөн, маалымат-байланыш технологиясы чөйрөсүндө адистердин жетишсиздиги байкалат. Бул тууралуу Тажикстандын көз карандысыз ММКларынын Улуттук Ассоциациясынын төрагасы Нуриддин Каршибоев. Ал онлайн-журналистика Тажикстанда үч-төрт жыл мурда пайда болгондугун жана республикадагы онлайн-журналисттер өздөрү үйрөнүп алган журналист экендигин белгиледи. Ошондуктан, анын пикиринде, Тажикстан сыяктуу аймактын башка мамлекеттеринде да журналисттердин интернетте иштөөсүнүн өзгөчөлүктөрүн окутуучу семинарларды өткөрүү зарыл. Тегерек столдун катышуучулары Борбордук Азияда калктагы маалымдуулуктун жоктугунан интернеттин, блогингдин жана микроблоктордун мүмкүнчүлүктөрү жеткиликтүү бааланбаса, экинчиден, интернет байланышы биздин аймактагы колдонуучуларга көңүл ачуу куралы катары кабылданат. Бул жөнүндө «Азаттык» радиосунун сайтынын автору жана редактору, казакстандык журналист Артур Нигметов белгиледи. Нуриддин Каршибоев «Азырынча Борбордук Азияда интернет-журналистика башталыш абалында гана турат. Бул жерде адистик, техникалык жана мыйзамдык көйгөйлөр бар. Адаттагы ММКларга карата колдонулуучу цензуранын кандай гана түрү болбосун, онлайн-басылмаларына ошондой эле колдонуу болбойт.

Ошондой эле, бийлик тарабынан жөнгө салынышынын зарылдыгы пайда болбошу үчүн биз интернет-контентти өз алдыбызча кантип жөнгө салышыбыз керектигин биз ачык билишибиз керек. Ошондой эле, интернеттин өнүгүшү адам ресурстары менен аныкталгандыктан, бүгүнкү күнү калктын алдыңкы интернет-технологиясы жаатындагы билимин өнүктүрүү зарыл.

Иш-чаранын негизги жыйынтыгы аймактагы мамлекеттерде маалымат булактарынын натыйжалуулугун көтөрүү боюнча чараларды иштеп чыгуу болду.

Адил Джалилов, MediaNet порталынын негиздөөчүсү:

*Борбордук Азиядагы Интернет – эң эркин маалымат талаасы. Интернет байланышын жөнгө салуу өзүн-өзү жөнгө салуу болушу зарыл. Интернет колдонуучулар контентти өздөрү жөнгө салып турса көзөмөлдөө бир топ натыйжалуу болот, ошол эле мезгилде мыйзамдарды кабыл алуу сыяктуу башка репрессивдүү чаралар бардык интернет булактарын алардын маңызына же максатына карабастан чоң коркунучка кептейт.*





Артур Нигметов, «Azattyq» радиосунун коомчулук менен байланышуу боюнча адиси:

*Аймакта жарандык журналистика - өзүнүн калыптануу этабында. Анын өнүгүшү түздөн-түз жарандык коомдун ¬өнүгүшүнөн көз каранды. Мамлекет байланышты колдонуучулардын коопсуздугун камсыздоосу зарыл, ал эми web-булактар маалыматтын сакталышына кепилдик берүүлөрү керек.*

# ЖУРНАЛИСТТЕР ҮЧҮН АДАМ УКУГУН КОРГОО ЖААТЫНДАГЫ МАСЕЛЕЛЕРДИ ММКЛАРДА ЭҢ МЫКТЫ ЧАГЫЛДЫРГАН МАКАЛАЛАР СЫНАГЫ

## КОНКУРСТУН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮ:

Конкурстун негизги номинациясы «Басма ММК»:

1- орун – Елена Воронина (Кыргызстан)
2-орун – Елена Братухина (Казакстан)
3-орун – Рамзия Мирзобекова (Тажикстан)

Номинация «Онлайн-ММК»:

1-орун – Өзбекстандан келген өкүл
2-орун – Тилав Расулов (Тажикстан)
3-орун – Бакыт Ибраимов (Кыргызстан)

Тематика боюнча конкурстун атайын номинациясы «Аялдардын жана балдардын укуктары» – Абдуракиб Кадыров (Тажикстан)

Атайын номинация «Кыйноолор, мыйзамсыз кармоолор жана камакка алуулар» – Жасулан Кужеков (Казакстан)

Тематика боюнча конкурстун атайын номинациясы «Сөз эркиндиги» – Сергей Расов (Казакстан)

Атайын номинация «Эркин жер которуу» – Дилбегим Мавлоний (Өзбекстан)

Атайын номиниция УВКПЧ ООН «Турак жай менен камсыздоо» – Валентина Касымбекова (Тажикстан)

Атайын номинация УВКПЧ ООН «Турак жай менен камсыздоо» – Асыл Осмоналиева (Кыргызстан)

Атайын номинация УВКПЧ ООН «Турак жай менен камсыздоо» – Махамбет Абжан (Казакстан)

Атайын номинация Тажик Республикасындагы АКШ элчилиги – Ирина Умарова (Тажикстан)

Атайын номинация Тажик Республикасындагы АКШ элчилиги – Фазлиддин Ходжаев (Тажикстан)

Дүйшөмбү жана Бишкек шаарларында 8-10-декабрда адам укуктарын IWPRдын үлгүсүндө чагылдырган Борбордук Азиядагы мыкты журналисттердин аттары аталып аларга каралган сыйлыктар тапшырылды. Ага Кыргызстандан, Казакстандан жана Өзбекстандан жеңүүчү журналисттер катышышты.

Жеңүүчүлөргө канат түрүндө колодон жасалган калем кичинекей статуя, диплом жана жеңүүчүлөрдүн номинациясына жараша 300дөн 1000 долларга чейинки акчалай сыйлыктар тапшырылды.

Конкурс жөнүндө маалымат 2009-жылы жарыяланган эле. Ошол күндөн баштап IWPRдын дарегине мамлекеттик жана жеке ММКнын кабарчыларынан жана төрт аймактын эркин журналисттеринен жүздөн ашык каттар, катышууга арыздар келип түштү. Калыстар тобу жети адамдан туруп анын курамына өз өлкөсүндө эле эмес чет өлкөлөрдө да белгилүү болгон Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын жана Өзбекстандын тажрыйбалуу укук коргоочулары, журналисттери жана юристтери: Вячеслав Абрамов, Андрей Гришин, Сардар Багишбеков, Шамарал Майчиев, Ойнихол Бобоназарова, Шахло Акобирова, Хакимжан Хусановдор киришти.

Өзбекстандык калыстар тобунун мүчөсү Хакимжан Хусанов, калыстар тобунун мүчөлөрү макалалардын ичинен мыктыларын тандоодо бир топ кыйынчылыктарга душар болушкандыгын жана кызуу талаш-тартыш болгон-

дугун айтты. «Алгач биз ар бирибиз өзүбүзчө тандадык, андан кийин биз жеңүүчүлөрдү тандоо үчүн [Skype-conference жардамы менен] жолугуштук», - дейт ал.

Эксперттер, мындай конкурстар адам укуктарына байланышкан темаларды чагылдырууга журналисттерди шыктандыруу менен бирге алардын адистик тажрыйбасын арттыра тургандыгын белгилешүүдө. Көпчүлүк катышуучулар бийлик органдарынан жөнөкөй эле маалыматты алуу өтө кыйынга тураарын жана мындай иш чара журналист үчүн тобокелдүү иш экендигин белгилешти.

Калктын укуктук жактан маалымдуулугунун өсүшү «азырынча көпчүлүк укук бузууларга көз жумуп жаткан» мамлекеттик укук коргоочулардын жоопкерчилигин жогорулатат», - дейт «Басма ММК» сыйлыктын ээси Тажикстандагы журналист Рамзия Мирзобекова. Эркин Европа Радиосунун Казакстандагы кабарчысы «Кыйноолор жана мыйзамсыз камакка алуулар» атайын номинациясынын жеңүүчүсү Жасулан Кужеков көп убакыт бою нефть бизнесине арналган теманы чагылдыргандыгын, эми укук коргоо темасында жазууну баштагандыгын жана мындан ары аны токтотпостугун айтты.

*IWPRдын конкурстарына катышууну каалаган журналисттер үчүн эскертүү: 2011-жылдын май айында «адам укуктарын коргоо жаатындагы маселелерди басма жана онлайн ММКларда мыкты жарыялагандыгы үчүн журналисттер жана фотожурналисттер үчүн сынак жарыялайт. Кеңири маалымат алуу үчүн IWPRдын аймактагы мамлекеттердеги кеңселерине кайрыла аласыз.*

«Бул менин гана жеңишим эмес, бул мен жазып жаткан бардык балдардын жеңиши»», - деди Воронина.

«Бул салтанаттуу кече биз үчүн чыныгы майрам болду», - деди тажик журналисти Валентина Касымбекова. Ал Дүйшөмбүдө конкурстун жеңүүчүлөрүнө сыйлыктарды тапшыруу үчүн аземге келишкен Тажик парламентинин мүчөлөрүн, чиновниктерди, жергиликтүү бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүн көргөндүгүнө өтө кубанычта болгондугун белгиледи.

БУУнун Борбордук Азия боюнча аймактык өкүлү Фиона Фрейзер бул жемиштүү демилге болгондугун жана мындай конкурсту уюштургандыгы үчүн IWPRга ыраазычылыгын билдирди.

Ошондой эле ал, БУУнун адам укуктарын коргоо Башкармалыгы мындай конкурстун чегинде өз номинациясын уюштурууга ниеттенип жаткандыгын айтты.

Конкурс Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан Европалык комиссиянын каржылоосу менен «Борбордук Азияда адам укуктарын коргоо жана ММК аркылуу укуктук билим берүү» долбоорунун, Норвегиянын тышкы иштер министрлиги тарабынан каржылануучу «Укук коргоо, карама-каршылыктар жана ишеничти бекемдөө маселелерин чагылдыруу боюнча Маалымат программасы» долбоорлорунун алкагында БУУнун адам укуктары боюнча Жогорку комиссариаттын Башкармалыгы жана Тажикстан Республикасындагы АКШ элчилиги менен өнөктөштүктө уюштурулду.

# IWPR ЖУРНАЛИСТТЕР МЕНЕН УКУК КОРГООЧУЛАР ҮЧҮН АДИСТИК КОЛДОНМО ЧЫГАРДЫ

Согушту жана тынчтыкты чагылдыруу институту (IWPR) тарабынан журналисттер менен укук коргоочулар үчүн даярдалган окуу куралдын бет ачаар аземи 2010-жылдын 13-15- жана 26-октябрь күндөрү Алмата, Дүйшөмбү жана Бишкек шаарларында өткөрүлдү.

Жаңы басылмалардын ичинен – «Үзүрлүү байланыштар» жана «Адам укуктарын чагылдыруу» аттуу колдонмолорунда ММК менен бейөкмөт уюмдардын бири-бирин жакшы түшүнүүсүнө мүмкүндүк берген тажрыйбалуу адистердин сунуштары: укук коргоочуларга - өз уюмдарынын ММК менен болгон мамилесин жөнгө салууга, ал эми журналисттерге – укук коргоо темаларын жеткиликтүү чагылдырууга мүмкүндүк берген сунуштар камтылган. Андан сырткары бул жылы IWPR тарабынан мурда англис жана орус тилдеринде жергиликтүү журналисттер үчүн чыгарылган «Өзгөрүүлөр үчүн репортаждар» деп аталган колдонмо аталган Институт тарабынан жергиликтүү тилдерге которулду. Бул колдонмолор адистер тарабынан журналистиканын эл аралык стандартына ылайык жазылган эң мыкты практикалык колдонмо катары бааланды. Андан сырткары Институт радиожурналистика боюнча орус тилиндеги колдонмону даярдап басып чыгарды.

Басылмалардын бет ачар салтанатында Казакстандын, Кыргызстандын жана Тажикстандын жергиликтүү жогорку окуу жайларындагы журналистика факультеттерине жана кафедраларына, ошондой эле аймактагы бейөкмөт уюмдардын жана медиа уюмдардын кеңири тобуна белек катары берилди. IWPRдын басылмаларынын өзгөчөлүгү анда бардык Борбордук Азия мамлекеттеринин эксперттеринин тажрыйбасы камтылган. Басылманын авторлору өз өлкөсүндө эле эмес, чет өлкөлөрдө да белгилүү болгон Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын, Өзбекстандын жана Түркмөнстандын алдыңкы журналисттери жана укук коргоочулары жана IWPRдын кызматкерлери болушту.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Гүлжигит Сооронкулов, мындай ба-

сылманын билим берүү максатында талапка ылайык экендигин белгиледи.

Кыргыз-Орус Славян Университетинин эл аралык журналистика кафедрасынын башчысы Александр Кацев бул басылмалар пост тоталитардык доордогу толеранттуулукка болгон укукту бекемдээрин белгиледи. Ошондой эле, анын пикиринде басылмалар түрдүү тилдерде канчалык көп басылып чыкса, ал ошончолук студенттердин аң-сезимине тереңирээк кирип, коомдо толеранттуулук идеялары ошончолук көп болот.

Радиожурналисттер үчүн чыккан колдонмонун авторлорунун бири Зебо Таджибаева басылмалар авторлордун журналист катары жеке билиминин жана тажрыйбасынын негизинде, ошондой эле аналитикалык радиорепортаждардын редакторлорунун жардамы менен жазылгандыгын айтып өттү. «Акыркы жылдары Тажикстан да башка өлкөлөр сыяктуу эле радиожурналистиканын аналитикалык сюжет сыяктуу жанрларын бере башташты. Аны «пакет» деп да аташат. Ал журналисттен көп чыгармачыл эмгекти жана убакытты талап кылат. Бирок ошол эле мезгилде бул радио угармандарга маалыматты берүүнүн эң кызыктуу ыкмасы болуп саналат. Ошондуктан, дал ушул жанр IWPRдын радиодолбоорунун жана колдонмолорунун негизин түздү.

Биринчи жолу журналисттер үчүн жана укук коргоочу бейөкмөт уюмдар үчүн чыккан колдонмолор жөнүндө «Нота бене» коомдук уюмдун жетекчиси, белгилүү укук коргоочу Нигина Бахриева «Коомчулук менен байланышты кантип жакшы туура жолго коюунун теоретикалык эрежелери, практикалык кеңештери биринчи жолу бир китепке чогултулуп берилген», - деп белгиледи. IWPRдын китептеринин бет ачаар аземи аймактагы өлкөлөрдөгү журналисттер, мамлекеттик түзүмдүн өкүлдөрү, медиакоомчулук, жарандык сектор, жогорку окуу жайлары, эл аралык уюмдар жана дипломатиялык миссиялар тарабынан чоң кызыгууну жаратты. Институттун аймактагы мамлекеттердеги кеңселери кызыккан уюмдар жана жарандар басылмаларды кайтаруусуз берүү өтүнүчтөрүн кабыл алышууда.



Гүлнар Асанбаева, Журналистика департаментинин ага окутуучусу: KIMEP:

*Жаңылыктарды жана репортаждарды жазуу боюнча IWPR чыгарган «Өзгөрүүлөр үчүн репортаждар» колдонмо КИМЭПтин студенттери үчүн жакшы булак болуп бере алат. Биздин студенттер IWPRдын Алматадагы өкүлчүлүгүнөн стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүгүн издешүүдө. Биз өзүбүздүн курстарыбыздын чегинде карап көрө турган болсок, биз дайыма IWPRдын редакторлорун университетибиздеги практикалык сабактарга чакырабыз.*



Додарбек Сайдалиев, эл аралык байланыштар боюнча Куляб Мамлекеттик университеттин проректору:

*Биздин университетте журналистика бөлүмү эки жылдан бери иштеп келет, ошого карабастан мугалимдер жана окуу-методологиялык адабияттардын жетишсиздиги бар. IWPRдын китептери бизге жардам болду. Тажикстан үчүн мындай практикалык кеңештерге негизделген адистик адабияттарды чыгаруу өтө маанилүү жана талапка ылайык.*

Аскар Акталов, Кыргыз-Орус Славян университетинин 3-курсунун студенти, Kloop.kg порталынын кабарчысы:

*Зарыл жана пайдалуу адабияттар экен. Басылмада эксперттердин жана журналисттердин теориялык, практикалык кеңештери, мисалдары, жеке тажрыйбалары камтылган. Маалыматтар бүгүнкү күндөгү шартта колдонууга болот.*



## IWPRДЫН КИТЕПТЕРИ БЕЛЕК КАТАРЫ БЕРИЛГЕН ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ТИЗМЕСИ:

Тажик Мамлекеттик улуттук университети;
Орус-Тажик (славян ) университети;
Хорог Мамлекеттик университети;
Коргон-Төбө Мамлекеттик университети;
Хожент Мамлекеттик университети;
Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университети;
Борбордук Азиядагы Америка университети (АУЦА);
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети;
И.Раззаков атындагы Кыргыз Техникалык университети;
«Манас» Кыргыз-Түрк университети;
И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик педагогикалык университети;
К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл Мамлекеттик университети;
Ош Мамлекеттик университети;
Аль-Фараби Казак Мамлекеттик университети;
Эл аралык бизнес университети (UIB).

ЖУРНАЛИСТТИК МЫКТЫ МАТЕРИАЛДАР

# КАЗАКСТАН



## КАЗАКСТАНДА АФРИКАЛЫКТАР ЖАШОО УКУГУ ҮЧҮН КҮРӨШҮҮДӨ

*22-март 2010-жыл*

200гө жакын африкалыктар университеттеги окууларын аяктагандан кийин өз эгемендүүлүгүн алган Казакстанда калышкан. Алар бул өлкөдө көп жылдар бою жашап калганына карабастан алардын көпчүлүгү легалдуу макам ала албай келишет. Андрей Гришиндин макаласынын каарманы Треоре 2004-жылы бул өлкөдө жашоого уруксат алган, бирок бүгүнкү күнгө чейин документти узартууда көп тоскоолдуктарга кабылат. Треоре жана башка сурамжылоого алынгандар алардын тизмеде көрсөтүлбөгөн документтерди тапшыруусун талап кылып негизсиз дискриминациялоолор болоорун айтышты. Виктор Тюленованын пикиринде, мындай мамилеге жалгыз африкалыктар гана эмес, бардык имигранттар кириптер болушат.

Казакстанда 300 миңден 1 миллионго чейин мигранттар жашайт. Алардын көпчүлүгү – коңшулаш Кыргызстандан, Өзбекстандан жана Тажикстандан келишкен мезгил-мезгили менен келип иштеген мигранттар. Алардын укуктарынын бузулушунун бирден бир себеби, мигранттар өздөрүнүн мыйзамдуу укуктарын өздөрү жакшы биле бербегендигинде, - дешет укук коргоочулар.

КАЗАКСТАН

*Эдуард Полетаев, Казакстандык саясат таанууч:*

IWPR – Англис тилиндеги укук коргоо аналитикалары менен эл аралык коомчулуктун көңүлүн өзүнө бурган Казакстандагы журналисттердин анча чоң эмес тобу. IWPR көптөн бери жаш журналисттерди окутуп келет. Мен Казакстандык журналистикада IWPRдын авторлору кадыр-баркка ээ болгон учурларды жакшы билем.



# АТАЙЫН РЕПОРТАЖ «КУЛ КАРМОО МОДАГА АЙЛАНУУДА»

*4-декабрь 2009-жыл*

Казакстандын чыгышында жайгашкан айылдардын биринде тартип коргоо органдары тарабынан эрксиз кулчулукта кармалган 4 адамдын тобун такташып, аларды бошотушкан. Бул аймакта мындай көрүнүштөр буга чейин да катталган жана бул эксперттердин пикиринде, акыркысы эмес. Казакстанда кул кармоонун бирден бир себеби айылдардагы жумушчу күчүнүн жетишсиздиги. Совет мезгилинде саанчыларды, койчу, уйчуларды даярдаган атайын курстар болгон. Бул айыл жерлеринде иштөөгө демилге берип турган. Учурда жаштардын баары шаарга, бир топ жеңил жана жогорку маянадагы жумуштарга иштөөгө умтулушууда. Саанчылар жана койчулар шаардан күч менен алынып келинген, жашоо жери белгилүү болбогон адамдар гана болуп калышкан. Макаланын автору Яна Герасимова кокусунан кулчулукка кабылган 50 жаштагы Кадырали менен сүйлөшкөн. Кесиби боюнча шаардагы курулуштардын биринде таш майдалоочу болуп иштеген. Анын үйү жок болгондуктан күч менен айылга алынып келинген. Ал жерде ал дагы өзүнө окшогон үч адам менен узак убакыттан бери дыйкан чарбасында иштеген. Бул иш Казак Республикасынын Кылмыш кодексинин 128-беренесине ылайык сотко өткөрүлгөн.

*Александр Егорченко, «Драккар» басма үйүнүн директору, «Казакстандын баалуу кагаздар базары» жана «Өздүк акча» журналдарынын башкы редактору*

Мен IWPRдын сайтынан материалдарын эч калтырбай окуйм жана андан башка ММКларда жарыяланбаган Казакстандагы кызыктуу фактылар, окуялар жөнүндө биле алам. Мага IWPRдын окуяга ар жактуу кароо методу жагат, өзгөчө адам укуктарына байланышкан маселелерде.
Биздин коомго жарандар өз укуктарын жана демократиянын принциптерин жакшы билүүсү үчүн ушул сыяктуу маалыматтар керек.





# КАЗАКСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨ БАЛДАРДЫ ПАХТА ТЕРҮҮГӨ МАЖБУРЛАШАТ

*26-ноября 2009-жыл*

Соңку жылдары пахта плантацияларынын кожоюндары жумушка коңшулаш Өзбекстандан эмгек мигранттарын жалдай башташты. Жумушка ошондой эле, жашы жете элек балдарды да жалдашат жана аларга кадимки жумушчуларга төлөгөн акчанын үчтөн бир бөлүгүн төлөшөт. Баарынан жаманы казакстандык балдарды талаада иштөөгө мажбурлоодо жергиликтүү бийлик жана мектептин катышып жатышы. Бул жөнүндө Олеся Лысенконун материалында берилген. Жергиликтүү фермерлер «Бардык чоң чарбалар чоңдорго таандык жана алардын райондук же облустук администрациядан сөзсүз тууганлары табылат», - деп айтышат Алардын пикиринде, фермерлердин жана жергиликтүү бийликтеги белгилүү бир адамдардын ортосундагы тууганлык байланыш мектеп окуучуларын талаага чыгууга мажбурлайт. Талаада иштеп жаткан өспүрүмдөр эгер алар баш тартышса, анда аларды жаман баа коюу менен коркутуулар боло тургандыгын айтышты. Мындай көрүнүштөргө катыштыгы бар мугалимдердин иш-аракетин, Түштүк Казакстан облусунун прокуратурасынын катчысы Тамара Утельбаева балдар укугун бузуучулар катары мүнөздөдү. Анткени сынак тапшырып баа алууда балдар мугалимдерге түздөн-түз көз каранды.

ЖУРНАЛИСТТИК МЫКТЫ МАТЕРИАЛДАР

# КЫРГЫЗСТАН



## АТАЙЫН РЕПОРТАЖ «КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮШТҮГҮНДӨГҮ КЫЙРООЛОРДУН ЧЫГЫМЫ»

*14-июль 2010-жыл*

Кыргызстандын түштүгүндө чыккан жаңжалдан бир ай өткөндөн кийин IWPR чоң материал даярдады. Максат жаңжалдын күбөлөрүнө адам өлүмдөрү жана кыйроолору тууралуу статистикалык так маалымат берүү болду. IWPRдын кабарчылары Түштүктүн ири шаарлары – Ош жана Жалал-Абаддын кайсыл райондору көп жабыркагандыгын, ошондой эле адам өлүмдөрү жана качкындар жөнүндөгү расмий маалыматтар канчалык деңгээлде чындыкка дал келээрин тактоого мүмкүн болду.

Бул макаланын үстүнөн бир нече журналист – борбордогу жана түштүктөгү журналисттер командасы иштешти, алар ири аналитикалык материалга маалыматтарды топтого жардамдашты.

Журналисттер көптөгөн күбөлөрдү көргөндөрүн айтууга ынандырышты, анткени сурамжылоого алынгандардын көпчүлүгү өз ойлорун айтуудан кооптонушкан учурлар кездешти. Макала жазылып жаткан учурда түштүктөгү жашоо өз нугуна бурулуп калганы менен, чыңалуу сакталып турган эле.

Элдер тамак ашты камдоону улантышып, өз райондорун коргоо максатында отряддарды түзүшүп жатышкандыгын биле алдык. Баштан кечирген каргашалуу окуяны бир күндө унутуп калуу мүмкүн эмес.

КЫРГЫЗСТАН

*Кубат Оторбаев, Кыргызстандын улуттук теле-радио корпорациясынын жетекчиси:*

IWPRдын макалалары – дайыма майда-чүйдөсүнө чейин изилденген, окуянын себебин жана кесепеттерин терең анализден өткөргөн материалдар.
Институттун журналисттери биздин коомдун маанилүү көйгөйлөрүн көтөрүп чыгышат. IWPR өз материалдарын окурмандардын кеңири катмарына кантип таратуу жолдору жөнүндө ойлонушу зарыл.



*Айзатбек Бешов, BBCнин Бишкектеги Орус кызматынын кабарчысы:*

Менин пикиримде, 2010-жылдагы карама-каршылыктар (апрель төңкөрүшү жана Кыргызстандын түштүгүндөгү окуя) мезгилинде IWPRдын кабарлары жергиликтүү ММКлар үчүн үлгү болуп калышы керек. Ал материалдар абдан тең салмакта жазылып, карама-каршылыктар жөнүндө ар тараптуу көз караштарды берген.
Менин оюмча, IWPRдын журналисттери болгон окуяларды мыкты чыгылдыруу менен өз иштерин так аткара алышты.




# АТАЙЫН РЕПОРТАЖ «КЫРГЫЗСТАНДЫК ЖУРНАЛИСТИКА БАРДЫК ТАРАПТАН КЫСЫМГА АЛЫНУУДА»

*3-март 2010-жыл*

Кыргызстандагы ММКлардын абалы жана журналисттерге болгон кол салуу тууралуу Анара Юсупованын атайын репортажы окурмандардын арасында көптөгөн колдоо жаратты. Макалада 2009-2010-жылдары Кыргызстандын журналисттеринин арасында эки өлүм катталгандыгын, алардын бирөө белгилүү Бишкектик журналист Геннадий Павлюк Алматыда мыкаачылык менен өлтүрүлсө, экинчиси Ноокаттык журналист Алмаз Ташиев жети милиция кызматкерлеринин ур токмогунан алган оор жаратынан өзүнө келбей ооруканада көз жумгандыгы айтылган.

Андан сырткары 2009-2010-жылдары ар кандай мезгилдерде кезек кезеги менен жергиликтүү борбордогу жана аймактык, ошондой эле орусиялык басылмаларга коркутуулар орун алган. Мисалы «Ош шамы» гезитинин башкы кеңсесине октун гилзасы салынган посылка келген. Макалада, ошондой эле, 2008-2009-жылдары бир катар оппозициялык гезиттерди жабуу менен республикадагы медиаклиматка таасир бергендигин, аймактагы эң либералдык өлкө деп таанылган Кыргызстанда өздүк цензуранын өсүүсүнө алып келгендиги айтылат.

Булардын баары республиканын катардагы жарандары алып жаткан маалыматтын сапатынын начарлашына алып келди.



# АТАЙЫН РЕПОРТАЖ «БИЙЛИК ӨЛКӨДӨ ОРУН АЛГАН МЫЙЗАМСЫЗ ЖЕР БАСЫП АЛУУЛАРДЫ ЖӨНГӨ САЛУУГА АРАКЕТТЕНҮҮДӨ»

*25-ноябрь 2010-жыл*


Кыргыз бийлиги жер басып алуучуларга карата катуу чараларды көрүү же алардын басып алган жерлерин мыйзамдуу түрдө ошол адамдардын пайдалануусуна берүү боюнча бир чечимге келе элек.

Сабина Рейнгольд жана Исомидин Ахмеджанов атайын репортажда жер басып алуучулардын эки тобун – 2005-жылда Бишкекте түзүлгөн «Ак-Жар» жаңы конушундагы жана Ош шаарына жакын жайгашкан жерлерди басып алууга умтулуп жатышкан карасуулук жаңы жер басып алуучулар жөнүндө жазышкан. Үч миңге жакын адам жашаган «Ак-Жар» жаңы конушунда электр жарыгы да суу да жок. Ал эми оштогу жер басып алуучулар жөнүндө айта турган болсок, ал жерлер фермердик чарбаларга жана муниципалитетке таандык тилкелер болгон.

Бул ири шаарларда өзүнүн жакшы жашоосун издеп аймактарда жер басып алуу максатында чыккан үчүнчү толкун болду. Ошондой эле жер басып алуулардын жаңы толкуну 80-жылдардын аягы 90-жылдардын башы, 2005- жана 2010-жылдардагы бийлик алмашуу менен коштолгон. Мамлекет мындай маселелерди чечүүнүн бирдиктүү саясатын али иштеп чыга электигинен кабар берет.

ЖУРНАЛИСТТИК МЫКТЫ МАТЕРИАЛДАР

# ТАЖИКСТАН



## ТАЖИКСТАНДАГЫ ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМ ТОКТОП КАЛДЫ

*16-октябрь 2010-жыл*

Манижи Курбанованын жарыялаган материалында Тажикстандын бейөкмөт уюмдары дээрлик 10 жылдан бери үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук жөнүндөгү мыйзамды кабыл алдырууга болгон аракети жемиш бербейт. Бул макала маанилүү мыйзамды көтөрүп чыккан жаңы толкунду пайда кылды. Гендердик активисттер, изилдөөлөр көрсөткөндөй сурамжылоого алынган тажикстандык эркектердин 47,1% аялдардын негизги милдети – бала төрөө жана жакшы үй-кызматкери болуу деп эсептешет.

Бул үй-бүлөдөгү зордук-зомбулуктун тамыры ушул жакта жаткандыгын көрсөтөт. Бул соңку жылдардагы мигранттардын санынын өсүшү менен дагы тереңдеген. Көптөгөн мигранттар аялдарын эч нерсесиз калтырып, ажырашкан көрүнүштөр көбөйгөн. 2008-жылдын январь айынан тарта Тажикстанда аялдардын арасында 240 суицид фактысы катталган жана бул «эпидемиянын» негизги себеби – жазалоодон сыртта калган үй-бүлөлүк зордук-зомбулук.

Бул макаладан жана өлкөнүн бардык аймактарында өткөн тегерек столдордун сериясынан кийин бейөкмөттүк уюмдар мыйзамдын кабыл алынышын жакындатты. Парламентте курамына бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү кирген жумушчу топ түзүлгөн. Активисттердин айтымында, үй-бүлөлүк зордук-зомбулук жөнүндөгү мыйзам 2011-жылы кабыл алынышы керек.

ТАЖИКСТАН

# ГУАНТАНАМОНУН МУРДАГЫ ЭКИ ТУТКУНДУН ИШИН КАЙРА КАРООГО ЧАКЫРУУ

*23-июнь 2010-жыл*

Бул макала 2010-жылда Тажикстанда өзүнүн эң көп окурмандарын таап коомдо кеңири резонансты пайда кылган материал болду. Макала жергиликтүү басылмаларда жана интернет булактарында бир нече жолу басылып чыккан. Тажикстандын эки жараны тыюу салынган экстремисттик топтор менен байланышы болгон деп күнөөлөнүп Гуантанамодо (АКШ) бир нече жыл өткөрүшкөн. Алар өз мекенине жөнөтүлгөндөн кийин ата мекенинде 17 жылга эркинен ажыратылган. Сот өкүлдөрү бул кишилердин күнөөсүн тактоодо далилдер жетиштүү санда болгондугун билдиришкен. Бирок алардын жактоочулары бул эки жаш жигиттер адам кулчулугунун курмандыгы болушкандыгын жана алардын экстремисттик топторго өз каалоосу менен кирүүсү деги эле акылга сыйгыс нерсе экендигин айтышууда. Көп өтпөй бул эки жигиттин тең иши жогорку сот инстанциясында кайрадан каралуусуна үмүттү жаратты. Авторлор - Дабири Кабир, Далер Гуфронов, Парвина Хамидовлар өз кесиптештери жана көз карандысыз аналитиктердин оң баасын алышты. Татаал соттук маселенин башкача өңүттөн каралышы жана аналитикалык мамиле макаланы тандоого артыкчылык берди.

*Гульджахон Бобосадыкова, Гендердик кыймылдын активисти, «Аялдар университет билими менен» бейөкмөт уюмунун жетекчиси:*

IWPRдын үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук жөнүндөгү мыйзамды көтөрүп чыгуусу аркасында көпчүлүк эл бул уюм жөнүндө кабардар болушту. Бул бизге түрткү берген өзгөчө түрткү болду. Биздин чакырыгыбызды угушту, эми биз бул мыйзам жакынкы күндөрү кабыл алынат деп ишеничтүү айта алабыз.





# ТАЖИКСТАНДАГЫ МАЙЫПТАР ЖӨНҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДЫН ЧИЙКИЛИГИ

*25-август 2010-жыл*

Макаланын автору Давлат Шоэхтибор иштөөнү каалаган адамдар, бирок «иштөө жөндөмү жок» деген справка алардын кайсы бир жерге барып жумуш орунун таап иштөөсүнө кедерги болуп жаткандыгы жөнүндөгү макала жарык көргөндөн кийин ага анын Ирандагы журналист кесиптештери телефон чалгандыгын айтып берди. «Менин макаламды Интернет булактарынан окушуп аны кызуу талкуулашкандыгын, алар макаланын негизин алышып анын негизинде Тажикстандагы майыптарды жумушка орнотуу көйгөйү жөнүндө өздөрүнүн сюжетин жасашкандыгын мага жазышты», - дейт Шоэхтибор. Макалада көтөрүлгөн тема жергиликтүү журналисттер тарабынан да кызуу талкууга алынды. Ага мисал, «Ховар» өкмөттүк маалымат агенттигинин сайтында жарык көргөн «Майыптар иштөөгө укугу бар» деген аталыштагы макаланын жарык көрүшү. Өкмөттүк чиновниктер макалада көрсөтүлгөн сын пикирдин чындык экендигин моюнга алышкандыгын жана учурда бул багытта мыйзамды мыктылоо аракеттери күчтүү жүрүп жаткандыгын билдиришкен.

Эмгек рыногун башкаруунун Тажикстандагы калкты жумуш менен камсыз кылуу жана социалдык коргоо Мамлекеттик Агентствосунун эмгек рыногун жөнгө салуу башкармалыгынын начальниги Ниёз Курбонов ал башкарган ведомство учурда 3 топко кирген майыптардын баарына иштөөгө укук берген жаңы мыйзамдын үстүнөн иштеп жаткандыгын билдирди.

*Хуршед Ниезов, «Фараж» гезитинин башкы редактору:*

Биз өз гезитибизде IWPRдын Гуантанамо жөнүндөгү макаласын жарыялагандан кийин өз окурмандарыбыздан көптөгөн телефон чалууларды алдык. Макала өтө жогорку деңгээлде жазылган. Бизге окурмандар келип макаланын авторуна ыраазычылык билдирүү үчүн аны менен таанышууну каалагандыктарын билдиришти.



МЫКТЫ ЖУРНАЛИСТТИК МАТЕРИАЛДАР

# ӨЗБЕКСТАН



*Елена Урлаева, Өзбекстандын Ташкенттеги укук коргоо Альянсынын лидери:*

Сиздер ушундай иштерди жасап жаткандыгыңыз үчүн чоң рахмат. Сиздердин макалаңыздардан мен бүтүндөй Өзбекстандагы абал жөнүндө кеңири маалымат ала алам. Мен сиздерге кандайдыр бир маалымат айтса, кээ бир ММКлар сыяктуу сиздер аны бурмалабай тургандыгыңарды жакшы билем. Ал эми укук коргоо тематикасына кайрылып жаткандыгыңыздар бизге көрсөткөн чоң колдооңор деп түшүнөм. Бул Өзбекстанда жарандык коомдун өнүгүшүнө чоң салым деп билем.



## ӨЗБЕКСТАНДАГЫ ЖАШЫРУУН СОТ ПРОЦЕССИ

*3-март 2010-жыл.*

Февралдын аягында Ташкенттен анча алыс эмес Чирчик райондук сотто жашыруун каралган кылмыш иши өз ишин аяктады. Бул кылмыш иш конституциялык түзүлүшкө коркунуч келтирген, экстремисттик уюмдарга катышкан, «улуттук жана диний касташууну козгогон» деген сыяктуу он беш күнөөнүн негизинде козголгон. Өзбекстандын Конституциясынын беренелерине ылайык мындай кылмышка 15 жылдан 20 жылга чейин эркинен ажыратуу каралган. Бул сот – Өзбекстандын түрдүү райондорунда жашыруун өткөн сотторго мисал. Ал сотторго эч кимдин катышуусуна жол бербейт.

Ушул себептен укук коргоочулар бийлик кармалгандардын укуктарынын бузулуусу жана колдонулган кыйноолор жөнүндөгү маалыматтын таркалып кетишинен коркуп атайын сот процессин жашырып жатышат деп айтышууда. Ички иштер органынын кызматкерлери, «диний экстремисттик уюмдардын катарына киргендер эмес деп айтуунун өзү акылга сыйгыс нерсе. Алар өздөрүнүн көз карашын жасалма түрдө таңуулап, өлкөгө коркунуч келтирип жатышкандыгын өздөрү түшүнүшпөйт» , - деп айтышууда.

«Эзгулик» укук коргоо уюмунан Васила Иноятова, анын уюму Чирчикте өткөн сотто айыпталгандардын 50гө жакын туугандарынан кат алгандыгын айтты. «Кыйноо менен аларды күнөөлөрдү моюнга алууга мажбурлашып жатышат», - деди ал.

ӨЗБЕКСТАН

*Надежда Атаева, Францияда жайгашкан «Борбордук Азия мамлекеттериндеги адам укуктары» ассоциациясынын жетекчиси:*

Өзбекстандагы окуяларды өтө аз чечмелешет. Ошону менен катар жоопту адамдардын эксперттердин пикирин кандай кабыл алышы жана адам укуктары жаатында өткөрүлгөн сүйлөшүүлөрдүн кийин кандай чечимдерди кабыл алып жатышкандыгы көптөгөн окурмандардын кызыгуусун туудурат. Мен да IWPRга эксперттерге жана окурмандарга болгон жылуу мамилесине ыраазычылыгымды билдирем. Коопсуздук өңүттөн алганда биздин кесиптештерибиз ачык айтып чыга алышпайт. IWPRдын кызматкерлери, канчалык кыйын болбосун, өз булактарынын конфиденциялдуулугуна дайыма көз салып турат.




# АТАЙЫН РЕПОРТАЖ «ӨЗБЕК ӨКМӨТҮ ЭМГЕК МИГРАЦИЯСЫН ЖОККО ЧЫГАРУУДА»

*24-сентябрь 2010-жыл*

Өзбекстандын жарандары коңшулаш Кыргызстандын жана Тажикстандын жарандары сыяктуу эле акча табуу максатында көп санда чет мамлекеттерге, Россияга, Түштүк Кореяга агылууда. Ошого карабастан Өзбекстандын жетекчилиги жарандардын акча табуу максатында чет жакка массалык кетүү фактысын (ошондой эле мигранттар өз үйлөрүнө олуттуу акчаны которуп жатышкандыгын) моюнга албай келишет. Антке-ни алар өлкөнүн экономикасы гүлдөп өсүүдө деген пикирди карманышат. Жыйынтыгында алар мигранттардын укугун сактоого умтулушпайт, аларга пенсия жана пособие берүүдөн баш тартышат, ошондой эле өз жарандарынын чет өлкөдө укуктары бузулуп жатса да бийлик тарабынан эч кандай чаралар көрүлбөйт.

Өзбекстандын көз карандысыз укук коргоочуларынын демилгечи тобунун маалыматына ылайык, 2 миллиондон 5 миллионго чейинки жарандар акча табуу максатында чет өлкөлөрдө жүрүшөт. Ар бир мигрант жылына 1500 доллардан үйлөрүнө жөнөтүп турушат. Өз мекенине кайтып келген мигранттар социалдык камсыздоо кызматынан ажырап калышууда. Өзбекстандан легалдуу түрдө мигрант катары регистрациядан өтүү процедуралары өтө татаал болгондуктан, жарандар легалсыз кетүүгө аргасыз болушууда. Укук коргоочулар Өзбек бийлиги жок эле дегенде легалдуу мигранттардын укугун коргоону камсыздоо максатында эмгек мигранттарын жөнгө салып туруучу эл аралык келишим түзүшү зарыл деп эсептешет.



*Алина Сагинбаева, CA-News агенттигинин директору:*

Өзбекстандан жана Түркмөнстандан баяндоо иретиндеги жана аналитикалык макалаларды алуу бизге өтө кыйындыкка турат. Биздин журналисттер мындай материалдарды жазуудан коркушат, ал эми кээ бири аналитикалык макалаларды жазууга эч кандай жөндөмсүз.



# БАЛДАРДЫН ТӨРӨЛҮҮСҮН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ПРОГРАММА АЯЛДАР УКУГУН БУЗУУДА

*11-сентябрь 2010-жыл*

Өзбекстандағы құқықкорғаушылар репродуктивті жастағы әйелдерді күштеп тазалауға қатысты алаңдаушылығын білдіруде. Ташкентте орналасқан Сараптамалық жұмыс тобының қолында Денсаулық сақтау министрлігі 2010 жылдың ақпанында шығарған №40 арнайы бұйрығы бар. Бұйрық «Бала туу жасындағы әелдерді ерікті түрде хирургиялық жолмен стерилизациялауды жүзеге асыру тәртібін реттеу» деп аталады. Құжатқа сәйкес, әр дәрігер екі әйелді тауып, ерікті түрдегі хирургиялық стерилизациялауға көндіруі тиіс, сонымен қатар елу клиентті контрацептив қабылдауға үгіттеуі қажет. Өзбек мемлекеттік статистикасына сәйкес, елдің 2010 жылдың 1 сәуіріне сәйкес саны 28 миллион адам болған. Болжамдар бойынша 2015 жылы халық көлемі 33 миллионға жетуі мүмкін. Өзбекстандағы көптеген дәрігерлер жаппай стерилизациялауды аналарға төленетін бюджеттік жәрдемақының жетіспеушілігімен байланыстырады, ал гинекологтар әйелдер өздері келіп жатыр дейді. Алайда құқыққорғаушылар стерилизация ерікті түрде жүріп жатқан жоқ дейді, олардың қолында әйелдерді айтпай тазалаған, ал артынан денсаулық жағдайына байланысты осылай істеуге мәжбүр болғандығын жеткізген фактілер бар.

## МЫКТЫ ЖУРНАЛИСТТИК МАТЕРИАЛДАР

# ТҮРКМӨНСТАН



## ТҮРКМӨН БИЙЛИГИ ВИЧ/СПИД БОЮНЧА МААЛЫМАТТЫ БУРМАЛАШАТ

*12-январь 2011-жыл*

Расмий маалымат боюнча, соңку 20 жылда Түркмөнстанда болгону эки ВИЧ илдети катталган. Бирок, «дарыгерлер бул илдетти жугузуп алгандар жөнүндө үн катпоого аракеттенишүүдө», - деген пикирлер да бар. Дарыгерлер сарык, тиф же холера сыяктуу ооруларды ОРЗ же суук өткөн деп жыйынтык чыгарып коюшууда», – дейт Дашогуз облусундагы аналитик.

Өкмөт болсо мындай көйгөйдүн бар экендигин жокко чыгаруу менен мамиле кылышууда. «Чек арасыз дарыгерлер» деген аталыштагы докладда «туберкулёз жана жыныстык жол менен берилүүчү, анын ичинде ВИЧ/СПИД, илдеттер расмий маалыматтарда айтылган көрсөткүчтөргө караганда бир топ көп таркагандыгы айтылган, ал эми Түркмөн өкмөтү мындай көрүнүштү тааныгысы келбейт». IWPR тарабынан сурамжылоого алынганда ВИЧ илдетине кабылгандарды өз макамын жашырууга түртүүдө, алар өздөрүнүн таза экендигин тастыктаган справканы алуу үчүн дарыгерлерге канча болсо да төлөөгө даяр. Ден соолук темасында жазган жергиликтүү журналист, клиникада ал илдетти тастыктаган жыйынтык чыкса да, илдетке кабылгандар тиешелүү дарылануну алышпай тургандыгын жазат.

ТҮРКМӨНСТАН

*Вячеслав Мамедов, Түркмөнстандын жарандык демократиялык союзунун лидери, Нидерланд:*

IWPR Түркмөнстан сыяктуу жабык өлкөлөрдүн ичинде коомчулукту окуялар менен маалымдоодо олуттуу көмөк көрсөтүп жатат. Адам укуктары, качкындар жана эркинен ажыратылгандарга байланышкан окуялар тууралуу объективдүү чагылдыргандыктан, мен бул уюмду сыйлайм.



*Саша Кулаева, Адам укуктары боюнча Чыгыш Европа жана Борбордук Азиянын Эл аралык Федерациясынын (FIDH) жетекчиси:*

Өзбекстан жана Түркмөнстан боюнча жөнөтүп турган маалыматыңызга чоң рахмат. Макалалар кызыктуу жана жеке биздин жумушубузга пайдалуу.



*Сергей Хван, Бишкектеги англис тилинде жарык көрүүчү "The Times of Central Asia" гезитинин редактору:*


Биз көп жылдан бери IWPRдын макалаларын окуп жана жарыялап келе жатабыз. Көбүнчө сиздердин Өзбекстан жана Түркмөнстан боюнча экономикалык темада чыккан макалаңыздарды алабыз. Бардык макалалар англис тилинде өтө жакшы жазылган жана структурасы да өтө мыкты. IWPR features жанрын унутпагандай түшүнүк калтырат.



# ТҮРКМӨНСТАНДЫК БЕЙӨКМӨТ УЮМДАРЫ ҮЧҮН ЭЧ КАНДАЙ ЖАРЫК ЖОК

*13 тамыз 2009 жыл*

Жаңы Түркмөн президенти Гурбангулы Бердымухаммедов бийликке келгенден кийин анын мамлекеттик катуу көзөмөлдү жумшартуу боюнча убадаларды берсе да, өлкөдө укук коргоо уюмдарынын абалында жакшы жакка карата жылыштар болгон жок. Ал тургай кары картаңдарга, аны кармоого жардам көрсөтүү сыяктуу зыянсыз максаттарды көздөгөн укук коргоо уюмдарынын ишмердүүлүгүнө, , мүмкүндүк берилбейт. Мындай уюмдарды каттоодон өткөрүүдөн баш тартып келишүүдө. Бир караганда Түркмөнстанда жүздөгөн уюмдар иштеген таза жарандык коом бардай сезилет. Бирок бул уюмдар өкмөт тарабынан каржыланган аялдардын, балдардын, жаштардын жана Согуш ардагерлеринин атынан чыгып иштеп жаткан институттар, же искусство, спорт жана бизнести колдоо менен алектенген жарым коммерциялык уюмдар болуп саналышат. Бул баардык уюмдардын ишмердүүлүктөрү өлкөдөгү бийлик тарабынан көзөмөлдөнөт, ошондуктан бул уюмдар каттоодон өтүүдө кыйналышпайт. Жергиликтүү серепчинин айтымында, иш жүзүндө өкмөт тарабынан жактырылган 150гө жакын бейөкмөт уюмдар гана иш жүзүндө өз ишмердүүлүгүн жүргүзүшөт. Башка бейөкмөт уюмдар тарабынан каттоодон өтүү арыздары четке кагылып келет.




# ТҮРКМӨН БИЙЛИГИНИН ТУРАК ЖАЙЛАРДЫ СҮРДҮРҮҮСҮ НААРАЗЫЛЫКТАРДЫ ТУУДУРДУ

*23 ақпан 2010 жыл*

Өткөн жылы Ашхабат шаарынын жана облустун борборунда жашаган тургундардын көпчүлүгү өз менчиктеринен кол жууп калышкан, анткени мамлекеттик план боюнча алар жашаган жерге мечит жана фонтан курулат. Кээ бир учурларда, суу каналдары менен жабдылбаган эски бир кабаттуу жеке тамдарды сүрдүрүп салып, анын ордуна бардык шарттары менен көп кабаттуу бийик үйлөрдү куруу максатталып жаткандыгы айтылууда. Бирок, жаңы курулуштар үчүн эски үйлөрү сүрдүрүлгөн тургундарды иш жүзүндө күчкө салып көчүрүшүүдө. Ашхабаттын жашы картайып калган тургунун шаардын борборунда жайгашкан үйүнөн шаардын четинде жайгашкан кичирайондо жайгашкан квартирага көчүрүшкөн жана жоготкон турак жайынын айырмасын төлөп беришкен эмес. Чиновниктер бюрократиялык жол менен үйлөрү бузулган тургундарга алар тарткан чыгашаны төлөп беришкен эмес.

Укуктары тепселген бул тургундардын көпчүлүгү өз укуктарын талап кылуудан коркушат. Өз атын сыр сактоону каалаган, Ашхабаттагы серепчинин айтымында, Ниязов башкарган доорго караганда абал бир аз жакшыргандыгын, Ниязовдун мезгилинде эч кандай эскертүүсүз эле мындай окуялар орун алып келсе, учурда эскертүү менен болуп жаткандыгын кошумчалады.




# IWPRДЫН ТРЕНИНГДЕРИ

*IWPRдын эки жылды кучагына алган долбоорунун учурунда Казакстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын шаарларында жана алыскы райондорунда бейөкмөттүк уюмдардын жана ММКлардын аткарган жумуштарынын түрдүү аспектилери боюнча 57 машыгуу-тренингдерин ткөрдү. Мындай тренингдерге Өзбекстан менен Түркмөнстандан да өкүлдөр келип катышышты. Жалпысынан алганда мындай машыгуулардан өткөндөрдүн саны 1500 адамга жетти. IWPRдын уюштурган тренингдеринин өзгөчөлөнгөн жагы, ар бир тренерлердин ар бир мамлекеттин өзгөчөлүгүн эске алып атайын мурдатан иштелип чыккан модулдарды колдонуусу болду. Тренингдердин катышуучулары андай тренингдердин практикалык баалуулуктарын жогору баалашууда. IWPR, ошондой эле, мамлекеттер аралык тренерлерди алмашуу тажрыйбасын да колдонду. Тажрыйба көрсөткөндөй, мындай мамиле тренингди дагы сапаттуу деңгээлге чыгарып, башка өлкөдөгү дасыккан адистин кайсы бир көйгөйдү көтөрүп чыгуусу маалыматка болгон ишенимди дагы арттыраары белгилүү болду.*

*Белгилей кетчү нерсе, ушундай адистерди алмашуулардын натыйжасында Борбордук Азияда эксперттердин ортосундагы байланыш чыңалууда. Биз сиздерге, соңку эки жыл ичинде Борбордук Азияда өткөрүлгөн тренингдик иштердин негизги мазмунун сунуш кылабыз.*

## БЕЙӨКМӨТ УЮМДАР МЕНЕН ММКЛАРДЫН ОРТОСУНДАГЫ НАТЫЙЖАЛУУ БАЙЛАНЫШ БОЮНЧА ТРЕНИНГДЕР PUBLIC OUTREACH

*Тренерлер:*

Нуриддин Каршибоев, *Тажикстандын көз карандысыз ММКларынын улуттук ассоциациясынын төрагасы, (НАНСМИТ) (Тажикистан),* Ирина Чистякова, *Caresd.net долбоорунун координатору (Кыргызстан),* Абдумомун Мамараимов, *Кыргызстандагы “Voice of Freedom” коомдук фондунун башкармалыгынын төрагасы, «Голос свободы» гезитинин башкы редактору (Кыргызстан),* Елена Воронина, *журналист (Кыргызстан), укук коргоочу* Рухшона Олимова *(Ачык коом институту – Тажикстандагы өз ара көмөктөшүү фонду),* Азалхон Алимов, *юрист жана Хожентеги Адам укуктары боюнча борбордун серепчиси (Тажикстан)*

*Лариса Янина, Талдыкоргондогу «Диалог» гезитинин журналистти, тренингдерин катышуучусу:*

IWPRдын тренингдеринин жардамы менен мен өз облусумдагы коомдук уюмдар менен байланышымды бекемдей алдым. Биз бирге тренингден өткөнбүз, бүгүнкү күнү биз өз жумушубузда өнөктөштөр болуп калдык. Ошентип биздин гезит шаардагы «Жашыл эл» жаштар уюмуна маалымат жагынан колдоо көрсөтүүдө. Ал эми биздин журналисттер ардагерлерге жардам көрсөтүүчү «Ардагер» клубунун бардык иш-чараларын кеңири чагылдыра баштады.




Мындай тренингдердин негизги максаты - журналисттерди жана укук коргоочу бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүн укук коргоо темасындагы маселелерди чагылдыруу жаатында натыйжалуу өз ара кызматташууга үйрөтүү болуп саналат. Тренингдердин жүрүшүндө катышуучулар адам укугуна байланышкан маселени көтөрүп чыгууда жана чагылдырууда өз ара кызматташуунун түрдүү ыкмаларын карап чыгышты, ошондой эле коомчулук менен байланышуунун каражаттарын натыйжалуу колдонууну окушуп, укук коргоо темасын ММКларда чагылдыруунун өзгөчөлүктөрүн үйрөнүштү.

Практикалык көнүгүүлөргө көп көңүл бөлүнүп, тренингдин катышуучулары укук коргоочу бейөкмөт уюмдар менен ММКлардын ортосунда дайыма кездешүүчү маселелерди, көйгөйлөрдү карап чыгышып алардын мүмкүн болгон чечүү жолдорун айтышты.

Тренерлер белгилегендей, бейөкмөт уюмдардан жана ММКлардан катышып жаткан өкүлдөрдүн тажрыйбасы болгондугун эске алып, мындай тренингдерде негизги басым практикалык иштерге жасалат. Мындай тренингдерде ММКлар менен болгон байланышты жөнгө салуунун, пресс-конференцияларды уюштуруунун, пресс-релиздерди жазуунун жана маектешүүнүн майда-чүйдө деталдарына чейин анализ жүргүзүлдү.

Катышуучулар белгилеп жаткандай, «бул билимди алар башка жерден ала алышкан эмес, жыйынтыгында коомчулук менен байланышты өз түшүнүктөрүнүн негизин-

де жасай башташты. Тренингдердин натыйжасында жаны иш-аракеттин пландары пайда болгон. «Бул тренингдер бизге, укук коргоочу бейөкмөт уюмдарга жана журналисттерге, кызматташуунун жалпы түйүнүн көрсөттү. Өзгөчө тренерлердин тажрыйбасын жана мисалдарды чечмелөө кызыктуу болду. ММКлардын жардамы менен адам укуктарына байланышкан маселелер боюнча бийликке бир топ натыйжалуу таасир этүүгө болот», - деди адам укуктарын коргоо боюнча Жалал-Абад облусундагы «Кылым шамы» борборунун координатору Абдуназар Маматисламов.

*Бектур Искендер, Kloop Mediанын уюштуруучусу, укук коргоо темасында жаңы медианы уюштуруу боюнча тренер*

IWPRда тренердик кылуу мага Борбордук Азиядагы укук коргоочулар менен таанышууга мүмкүндүк түздү. Биздин мамлекетте коомдун көпчүлүк бөлүгү укук коргоочуларга башкача мамиле жасашат жана аларды «грант жегичтер» деп аташат. Мен андай позицияны кармануудан алыс болдум. Алар менен түздөн түз иштеп жатып, мен алар иш жүзүндө мамлекет жасоочу жумуштарды жасап жатышкандыгына дагы ынандым.



# УКУКТУК ЖУРНАЛИСТИКА БОЮНЧА ТРЕНИНГДЕР

*Тренерлер:*
Андрей Гришин, Вячеслав Абрамов *(Freedom House Казакстан),*
Улугбек Бабакулов, *«МК-Азия» гезитинин башкы редактору*
Лейла Саралаева, *журналист, Аида Касымалиева (IWPR),*
Дина Токбаева *(IWPR),* Игорь Горбачев *(IWPR),* Лола Олимова *(IWPR) жана*
Хуршед Атовулло, *«Фараж» гезитинин башкы редактору.*

Практика алып жаткан журналисттер, ошондой эле укук коргоо уюмдарынын кызматкерлери эл аралык стандарт боюнча ММКларда укук коргоо темаларын кандай чагылдыруу керектиги жөнүндө билим алышты. Бул тренингдер «укуктук журналистиканын ашканасын – ыкмалары, журналисттердин өз-ара мемилелеринин жана маалымат булактарынын түрдүү аспектилери, анын ичинде журналисттик иликтөөлөр жөнүндө толук маалымат алууга мүмкүндүк берет.

Мындай категориядагы тренингдин катышуучулары укуктук журналистика жаатында теориялык билим ала алышты жана өз жумуштарына болгон негизги принциптерди жана мамилелерди иштеп чыгышты. Машыктыруучулар укук коргоо темасына байланышкан маселелерди түрдүү жанрда чагылдырууда практикалык жолдомолорду беришти. Тренингде негизги басым, адам укуктарына байланышкан материалды чагылдырууда кандай катачылыктардан качуу керек, калктын алсыз топтору менен иштөөдө кандай механизмдерди колдонсо болот, материал окурмандардын кеңири катмарына кызыктуу болсун үчүн, аны кандай бериш керек деген сыяктуу маселелерге жасалды.

Тренерлер өзгөчө көңүлдү теманын юридикалык аспектисине, тагыраак айтканда, адам укуктарын коргоо механизмдери өлкөнүн улуттук мыйзамдарында жана эл аралык укуктарда кандай берилгендигине бурушту.

Тренингдин катышуучулары сотко кайрылуунун, эл аралык институттарга аппеляция берүүнүн так жол жобосун ала алышты.

Катышуучулар бул тренингдер көп идеяларды бергендигин айтышты.

Топтогу өз ара байланыш жана тренерлер менен болгон баарлашуу абалды акыл-эс калчап баалоого мүмкүндүк берип, Борбордук Азиядагы укук коргоочулар ага кирген түрдүү мамлекеттердеги кесиптештери жана укук коргоочулар менен таанышышты жана байланыш орнотушту. Бул жерде практикада көп жыл бою ала албаган билимди, бир нече күндүн ичинде алууга жетишишти. Бул тренингдин көпчүлүк катышуучулары кийинчээк IWPRдын журналисттери болуп калышты.

# ИНТЕРНЕТ-САБАТТУУЛУК ЖАНА ЖАҢЫ МЕДИА БОЮНЧА ТРЕНИНГДЕР

*Тренерлер:*
Вячеслав Мамедов, *Түркмөнстандын жарандык демократиялык коомунун лидери, Нидерланд,*
Адиль Нурмаков *(Global Voices Online),* Бектур Искендер *(Kloop),* Ринат Тухватшин *(Kloop)*

Мындай категориядагы тренингдердин негизги максаты – укук коргоочулар менен журналисттерге, ошондой эле дүйнөлүк байланыш тармагын кеңири колдонуучуларына Интернетте иштөөнүн тобокелдери, маалыматтарды жеке жана коммерциялык максатта коргоонун ыкмалары жөнүндө маалымат берүү. Үч күнгө созулган тренингде каралган материалды бышыктоо максатында ар бир катышуучуга практикалык мисалдарды аткаруу тапшырмасы берилди.

Тренер катары ушул темада дүйнөнүн түрдүү мамлекеттеринде окутуу тренингдерин өткөрүп жүргөн Түркмөнстандын жарандык демократиялык коомунун лидери Вячеслав Мамедов чакырылды.

*Рухшона Олимова, Тажикстандагы Ачык коом институтунун ММК программасынын координатору, тренер*

2010-жылы мен IWPRга укук коргоочулар үчүн байланыш стратегиясын иштеп чыгуу боюнча бир нече тренингдерди өткөрдүм. Тренингдер Дүйшөмбү, Хожент жана Коргон-Төбө шаарларында өткөрүлдү. Укук коргоочулардын көпчүлүгү байланыш стратегиясы жөнүндө түшүнүгү жок болуп туруп пресс-релизди кантип жазуу керектигин же пресс-конференцияны өткөрүү жолдору жөнүндө билбей туруп ушундай чоң иштерди жасап жатышы мен үчүн чоң жаңылык болду. IWPR менен кызматташуу аркылуу мен аймактардагы бейөкмөт уюмдардын ишмердүүлүктөрү жөнүндө түшүнүк алдым. Мен мындай уюмдардын 90дон ашуун өкүлү менен таанышТым. Тренингдин кээ бир активдүү катышуучулары мени менен байланышып, өздөрүнүн ийгиликтери туралуу маалымдашып жана ММКлар менен байланышуу маселелери боюнча кеңешип турушат.
Таң калыштуусу аймактагы укук коргоочулар бир топ активдүү жана өз көйгөйлөрүн биздин жардамыбыз менен чечүүгө аракеттенишип эч тартынбастан айтышат.



«Сиздин электрондук маалымат алмашууңуз үчүнчү адамга да мүмкүн болгон учур кездешип калышы мүмкүн. Баарынан жаманы, интернетти колдонгон адам эч нерседен күмөн санабай эле өз маалыматтарын коргоонун эч кандай механизмдерин колдонбошу ыктымал», – дейт Мамедов. Тажикстандын өкүлү Худоназар Мамадназаров, Адам укуктары жана мыйзамдуулуктун сакталышы бюросунун юристи, бул тренингде биринчи жолу өзүмө көп жаңылыктарды ачтым», - деп белгиледи. «Мен буга чейин IT- чөйрөсүндө жакшы маалыматым бар эле, анткени коомдук бирикмеде менин ишмердүүлүгүм бул менен тыгыз байланышы бар эле. Бирок тренинг учурунда менен билимим жетишсиз экендигин сездим. Мындай тренингдерди ири жана жаңыдан ишин баштаган коомдук бирикмелердин кызматкерлери, укук коргоочулар жана журналисттер үчүн үзгүлтүксүз өткөрүп туруу зарыл. Тажикстан үчүн мындай тренинг – өтө сейрек кездешүүчү нерсе», - дейт Мамадназаров. Тренингдин катышуучусу, «Zonakz.net» интернет-гезитинин журналисти, Владислав Юрицын «Бул тренинг менин Интернет чөйрөсүндө иштөөнү таанып билүүмдү бир топ кеңейтти. Мисалдардын негизинде мен мурда уккан нерселерим жөнүндө терең биле алдым. Бул мен иштеп жаткан редакция үчүн да өтө пайдалуу болот деп ишенем». Катышуучулардын айтымында, IWPRдын тренингдеринен алган билим жана жолдомолор алардын мындан аркы Интернет менен иштөөсүнө пайдалуу.

Тренингдеги материалдардын жеткиликтүү тилде жазылгандыгын да белгилеп өтүштү. Катышуучулар укук коргоочулардын жана журналисттердин арасында интернет-булктарын билимдүү колдонуу маданиятын калыптандыруу зарыл деп белгилешти.

# РАДИОЖУРНАЛИСТИКА БОЮНЧА ТРЕНИНГДЕР

*Тренерлер:*

Шаходат Саибназарова, *IWPR (Тажикстан),* Искандар Фируз *(Тажикстан),* Сабыр Абдымомунов, *«Биринчи радио» башкы редактор (Кыргызстан),* Каарманбек Кулуев, *IWPR (Кыргызстан),* Зебо Таджибаева, *IWPR (Тажикстан),* Нурлан Абдалиев, *IWPR (Кыргызстан),* Назгүл Жамгырчиева, *Коомдук телеканалдын радио берүүсүнүн башкы режиссеру (Кыргызстан).*



IWPR радиоматериалдарды даярдоо жана радиодо түз берүүдө режиссерлоонун технологиялары боюнча атайын тренингдерди өткөрөт. Тренингди IWPRдын радиоредакторлору, ошондой эле чакырылган радио берүүнүн режиссерлору, үн режиссерлору, социалдык жана коммерциялык радиороликтерди иштеп чыгуучу эксперттер өткөрүшөт. Тренерлер маалыматты түз эфирде берүүнүн артыкчылыктары, ошондой эле радиоматериалдарды даярдоодо ички үндөрдү кантип натыйжалуу колдонуу керектигин айтып беришти. «Радио журналисттин материалды татынакай көркөм музыкалык жасалгалоо менен бере алышы керек. Ошондой эле, ал эфирде техника менен да, маалымат кабарлары менен да иштей алышы керек», - дешет тренерлер. Тренингдин жүрүшүндө катышуучулар өлкөдөгү радиостанциялардын берүүлөрүнө анализ жүргүзүшөт. Радионун жаңы техникасын өздөштүрүшөт. Ошондой эле журналисттер жаңылык материалдарын даярдоо билимин алышат, бул өз кезегинде бул радиотренингдин катышуучуларына бара-бара IWPR радиосунун контрибютору болууга көмөктөшөт.

«Радиоберүүлөрдү автоматташтыруу – бул биз үчүн өтө кызыктуу болду. Тренингдин учурунда радио берүүнүн режиссеру, жаңылыктарды окуган диктор боло алдык. Бирок берилген эки күн бизге жетишсиз болду. Узакка созулган тренингдер болсо жакшы болмок», - деди IWPRдын Кыргызстанда өткөрүлгөн тренингинин катышуучусу Улан Солтобек.

## КАЗАКСТАН

# КАЗАКСТАНДЫН ПОЛИЦИЯСЫ ӨЗ ДИССИДЕНТТЕРИН ПСИХИКАЛЫК ЖАКТАН ООРУЛУУ ДЕП БҮТҮМ ЧЫГАРУУ ЖОЛУ МЕНЕН КОРКУТУШУУДА



Өкмөт өлкөнүн кадыр-баркын көтөрүүгө кам көрүп жаткан учурда, өлкөнүн чет жакасындагы полиция бүгүнкү күнгө чейин режимди сындагандардан кутулуу максатында, аларды мажбурлоо менен психикалык дарыланууга жайгаштырууну улантышууда.

Режимди сындагандарды мажбурлоо менен психикалык атайын дарылоо жайларына жайгаштыруу практикасы советтик системанын бузулушу менен мындан 20 жыл мурда токтотулган. Бирок Казакстандагы укук коргоочулар мындай ыкманы өлкөдөгүү полиция бүгүнкү күнгө чейин колдонуп жаткандыгын айтышууда.

Бүгүнкү күнү өлкө масштабында кеңири белгилүү болгон диссиденттерди психикалык текшерилүүгө милдеттүү түрдө жөнөтөт. Бул жерге борбордон – Алматы менен Астанадан алыс жайгашкан майда шаарлардан саясий активисттерди жана ыңгайсыз суроолорду көп берген адамдарды жеткиришет.

Бирок, мурдагы мезгилдерден айырмаланып дарыгерлер текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча эч кандай оорунун белгилери табылбаса, ал адамды дарылануута калтырууга макул болушпайт.

Ошентип, декабрь айында Борбордук Казакстанда, Караганда шаарында полиция тарабынан 64 жаштагы Александр Бондаренко кармалган жана ал Карагандыдагы психиатрикалык клиникага жөнөтүлгөн.

Берилген коммунист Бондаренко шаардын борбордук багында жайланышкан Владимир Ильич Лениндин эстелигин алып салууга каршылык көрсөтүү акциясын өткөргөндүктөн кармалган.

Аны үч көн бою аймактык психиатрикалык дарылоо бөлүмүндө кармашкан. Ал оорукананын кызматкерлери бул киши коркунуч келтиргендиктен милдеттүү түрдө анын психикалык абалын текшерүүдөн өткөрүү керектиги жазылган полициянын катын алышкандыгын маалымдашкан.

«Дарыгерлер менде эч кандай корко турган нерсе жок экендигин айтышты. Алар жергиликтүү полициянын подполковнигинен мени айлана-чөйрөмдөгүлөрүнө коркунуч туудуруп жатат деген кат алышкан экен. Ошондой эле, аларга мен кааласам да каалабасам да текшерүү жүргүзүүнү буйрушкан», - дейт Александр Бондаренко.

Бошотулгандан кийин эле Бондаренко полициянын мындай мамилесине карата арыз жазган, бирок бул жерде эч кандай кылмыштуулук жок деген негизде кылмыш ишин ачуу четке кагылган.

Бул Бондаренконун экинчи жолу күч менен ооруканага жеткирилиши эле. Биринчи жолу аны, Караганды шахтерлорунун каршылык көрсөтүү акциясын колдогондугу үчүн, беш жыл мурда полиция кармап ушундай эле ооруканага жөнөтүшкөн.

Ушундай эле көрүнүштөр көмүр кенин казып алуу боюнча облустагы негизги шаар, либералдык маанайы өтө курч Карагандыда катталган. 2010-жылдын октябрь айында Караганды шаарына катар жайгашкан Шахтинс шаарында «Кенчилердин үй-бүлөсү» деп аталган коомдук уюмдун төрагасынын орун басары Тахир Мухамедзянов полициянын жардамы менен психикалык клиникага келип түшкөн. Дарыгерлер анын акыл-эси жайында экендигин далилдеп, аны коё беришкен.

2007-жылы Анатолий Прилепсти, Советтер Союзун сактап калуу боюнча референдумдун бир жылдыгына карата митинг уюштуруу аракетинен улам, Карагандыда дээрлик бир жума көзөмөлдө кармашкан.

КАЗАКСТАН

Ушундай көрүнүштөрдөн улам, полиция тартип бузуучуларга «психикалык оорулуу» деген жардык тагууга аракеттенет деген ойдо каласың. IWPR Караганды облусунун ички иштер бөлүмүнө ушундай буйрутмалар чынында эле болгондугун тастыктоо максатында расмий кат жөнөттү, бирок өкмөттүк мекемелер мындай суроолорго үч күндүн ичинде жооп берүү керектигине карабастан, эч кандай жооп айтышкан жок.

Караганды шаарынын психиканеврологиялык дарылануучу бөлүмүнүн башкы врачы Кайрат Абдрахманов, полиция жарандарды дарылануута алып келген учурлардын болгондугун тастыктады. Ошондой эле, январь айында жарандарды күч менен ооруканага жайгаштыруу боюнча арыздын негизинде прокурордук текшерүү өткөрүлгөндүгүн, бирок мыйзамга каршы эч нерсе таба алышпагандыгын белгилеп өттү.

«Биз мажбурлоо менен кайсы бир жаранды дарылануута жаткыруу – бул олуттуу маселе экендигин түшүнөбүз, ошондуктан биз мыйзам чегинде гана иштейбиз», - деп кошумчалады Абдрахманов.

Адам укуктары боюнча бюронун Карагандыдагы өкүлчүлүгүнүн директору Юрий Гусаков аймакта болгон кайгылуу окуяны эске салды. Ал окуя совет мезгилинде саясий күнөө менен кесилгендерди кармоочу лагери жайгашкан жерде орун алган.

«Бийликтин айткандарына макул болбогондорду дарылоо жайына жайгаштыруу сыяктуу мындай жөнү жок тажрыйба дагы деле полиция тарабынан колдонулуп жатат жана текшерүүдө анын эч кандай негизсиз экендиги далилденүүдө», - деди ал.

Өлкөнүн батышында жайгашкан Урал шаарынын жергиликтүү тургуну Александр Пуздриков январь айында полиция жок жерден аны күнөөлөөгө аракеттенгендигин тастыктады. Пуздриков учурда 37 жашта жана ал балдар үйүнүн бүтүрүүчүсү болгондуктан мыйзам боюнча ага берилүүчү үйдү көп жылдан бери ала албай келет.

Ал 6-январда Уралда өткөн Казакстандын президенти Нурсултан Назарбаевдин президенттигин узартуу референдумуна карата каршылык акциясына кошулган. Каршылык көрсөтүү акциясынын башка катышуучулары – журналисттер, оппозиция өкүлдөрү кармалышкан жана айып пулга жыгылышкан, же беш күн камакта отурушкан. (Казакстан: жарандык позициямды билдирем, журналист Санат Ураналиевдин каршылык көрсөтүү акциясына катышуу тажрыйбасы жөнүндө ушул макаладан кеңири окуй аласыздар.)

Пуздриков кармоо мезгилинде полиция ага баңги зат ыргытып койгондугун, андан кийин аны, алар менен психикалык дарылоо жайына барууга жана дарылануу курсун өтүүгө макулдугун билдирип кол коюуга мажбурлап коркутушкандыгын тастыктады. Бирок, дарылоо борборунун дарыгери анын дарылануута эч кандай муктаждыгы жок экендигин билдирген жыйынтык чыгарып, Пуздриковду коё беришкен.

Урал шаарынын ички иштеринин облустук бөлүмүндө алардын кызматкерлеринин эч бири мындай окуяга катышпагандыгын белгилешип, андан ары комментарий берүүдөн баш тартышты.

Учурда Пуздриков полициянын үстүнөн прокуратурага арыз берип жатат.

Мындай көрүнүштөр Казакстандын чет жакаларында байкалбастан бат-бат болуп турат, бирок 2007-жылдагы Шымкент шаарынын тургуну, жазуучу Нурлан Алимбековдун кармалышы ММКлардын, укук коргоочу уюмдардын, анын ичинде Нью-Йорктогу Хьюман Райтс Вотч (Human Rights Watch) уюму катышкан каршылык компаниясынын чыгышына алып келди. Алимбековду президент Назарбаевдин атына кемсинткен сөздөр жана улуттар аралык мамилеге каршы келүүчү маалыматтар жазылган электрондук кат жөнөткөн деп күнөөлөшүп, аны психиатрикалык адистешкен атайын дарылоочу жайга жайгаштырышкан.

Окуяга карата эл аралык уюмдардын мындай жообу бийликти диссидентти психиатрикалык система менен камоодон баш тартууга аргасыз кылды көрүнөт.

«Мамлекеттик бийлик өз катачылыктарынан көп нерсени үйрөнүшкөндүгү түшүнүктүү жана эл аралык каршылыктарды болтурууну каалабайт. Бирок, иштин маңызы эч өзгөрүлгөн жок. Тартип коргоо органдары өздөрүнө эмне жакса ошонун баарын жасап көнүп калышкан», - дейт IWPRга эркин журналист Андрей Свиридов.

Свиридовдун айтымында, полициянын максаты бейөкмөт уюмдардын активисттерин, оппозициянын талапкерлерин, өздөрүнүн жеке максаты болгон адамдарды басуу.

«Бул келишпес жарандар эл аралык кампанияларды өткөрүүгө чакырык салуу деңгээлинде эмес экендигин алар жакшы түшүнүшөт», - деп кошумчалады ал.

**Андрей Гришин,** адам укуктарынын жана мыйзамдуулуктун сакталышы боюнча Казак Бюросунун кызматкери.

МИГРАН
КАЗАКС







## ОБЪЕКТИВДЕ КАЗАКСТАН

# ТТАР ТҮШТҮК ТАНДЫН ПАХТА ТАЛААЛАРЫНДА





*Сүрөттүн автору: Валерий Калиев.*

*Сүрөт Чымкенттен анча алыс эмес Жетисай деген жерде 2010-жылдын октябрында тартылган жана IWPRдын 2011-жылы Дүйшөмбү шаарында өткөн аймактык тегерек столдун алкагында «Борбордук Азиянын аялдары. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук. Миграция. Жакырчылык» көргөзмөсүнүндө көрсөтүлдү»*









## КЫРГЫЗСТАН

# ӨЛКӨ ТҮШТҮГҮНДӨГҮ УЛУТ АРАЛЫК КАГЫЛЫШУУ БӨЛҮНҮҮГӨ АЛЫП КЕЛДИ



Түштүк калыбына келтирилүүдө, элдештирүү аракеттери жүрүп жатат, бирок оор абал сакталууда.

Өткөн жылы Кыргызстандын түштүгүндөгү этникалык кагылышуудан алган жараат бүгүнкү күнгө чейин айыга элек, эки коомчулуктун ортосундагы бөлүнүү уланууда, ал эми жегиликтүү калк өздөрүнүн коопсуздугу жана келечектеги жашоосу үчүн тынчсызданышууда.

Кагылышуунун келип чыгуу себептерин узак убакытка чейин иликтеген комиссиянын ишинин жыйынтыгы чыккандан кийин, IWPR түштүк аймактагы түрдүү улуттун өкүлдөрүнөн жарым жыл мурда болуп өткөн, 400дөн ашуун адамдын өмүрүн алган кандуу окуя, өрттөөлөр, талап-тоноочулукка карата алардын ой-пикирин сурады.

Туруксуздуктун дагы деле сезилип жатышы, Ош, Жалал-Абад шаарларында жана анын жака белдеринде экономикалык калыбына келтирүү иштеринин өтө жай жүрүшү калктын массалык түрдө ал жактан кетишине өбөлгө болууда. Этникалык өзбектер гана эмес кыргыздар да кетип жаткандыгы айтылууда, анткени алар өздөрүнүн тажрыйбасы жана билими менен башка жерде жакшы жумуш табууга үмүт артышууда. Ошентип, кризис буга чейин эле болгон жумушсуздукту жана Кыргызстандын түштүгүндөгү тышкы миграцияны дагы тереңдетти, ал эми тажрыйбалуу жумушчулардын кетип жатышы жергиликтүү калкка адистердин таңкыстыгына алып келиши мүмкүн.

2010-жылдын июнь айындагы кагылышуунун себептерин жана кесепеттерин атайын комиссия карап жатат, бирок комиссия тарабынан чыгарылган жыйынтык 11-январда ал комиссиянын төрагасы Абдыганы Эркебаев тарабынан жарыяланганда кээ бир бейөкмөт уюмдары аны катуу сынга алышып, иликтөөдөгү маалыматтар толук эмес экендигин жана алар күткөндөй чындыкка коошпой тургандыгын айтып чыгышты.

Эркебаевдин айтымында, каза болгондордун саны 426 адамды түзүп, алардын ичинен 381 адамдын ким экендиги таанылган. Алардын ичинен 276 адам этникалык өзбек, 105 адам кыргыз экендиги такталган. Мындан сырткары кагылышууда 2200 адам жараат алган, ал эми өрттөөлөрдөн жана талап-тоноолордон жапа чеккен экономикалык кыйроолор 85 миллион Америка долларынан көбүрөөк деп бааланган.

Эркебаевдин айтымында, комиссия коогалаңдын демилгечиси катары өзбек коомчулугуна белгилүү бизнесмен Кадыржан Батыров жана бийликтен кулатылган президент Курманбек Бакиевдин туугандары күнөөлүү деп тапты. Андан сырткары шектүү делгендерге уюшулган кылмыштуу топтор, баңгизатты сатуу менен алектенген адамдар, диний экстремисттер жана өлкөнүн сыртындагы аты аталбаган «үчүнчү күчтөр» кирээри айтылган.

Комиссия ошондой эле окуяга күнөөлүү катары Бакиевдин ордуна келген убактылуу администрацияны, ошондой эле өлкөнүн түштүгүндөгү коогалаңга алып келген айрым көрүнүштөрдү этибарга албаган жергиликтүү бийликти атады. Мындан сырткары комиссиянын отчётунда өлкөнүн коопсуздук күчтөрү кагылышуу мезгилинде анын катышуучулары тарабынан курал жарактарды басып алып аны өз максаттарында колдонуу аракетине бөгөт коё албагандыгын баса белгиледи.

Иликтөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири юрист Нурбек Токтакунов отчёт үстүртөдөн болгондугун жана анда кандуу окуядан кийинки соттук иликтөөлөрдүн жыйынтыктары камтылбагандыгын айтып, отчётко кол коюудан баш тартты.

КЫРГЫЗСТАН

«Эгерде силердин комиссия кыйноолор жана кылмыш-процессуалдык кодексиндеги башка мыйзам бузуулар тууралуу айтып чыкканда, коомчулукта комиссияга ишенич жаралмак», деди ал.

Коомчулукка белгилүү болгондой, Токтакунов сотто Азимжан Аскаровду колдоп чыккан. Азимжан Аскаров өзбек улутундагы укук коргоочу, ага жаңжал мезгилинде массалык баш аламандыкты уюштурган деген айып коюлуп, өмүр бою түрмөгө кесилген.

«Оштук демилгечилер» деп аталган өзбек жана кыргыз укук коргоочулары биригип жасаган альтернативдүү докладда этникалык өзбектер дайыма кол салууларга кабылып келишкендиги, андан кийин соттук иликтөөлөрдүн жүрүшүндө алардын баары кылмышкерлерге айлантып салынгандыгы айтылган.

Эркебаев комиссия ишинин жыйынтыгын кыскача жарыялаганга чейин сурамжылоого алынган түштүктөгү этникалык өзбектер борбордук бийлик аларды жалгыз таштап койгондугун жана аларды коргой албагандыгын, ал эми жергиликтүү бийликтин макулдугу менен өзбектерди жаңжалдагы негизги күнөөкөрлөр катары көрсөтүп жатышкандыгын айтышкан. Алардын айтымында, негизги зордук-зомбулукту ошолор көрүшкөн.



Кыргызстандын түштүгүндө жашаган кыргыздар үчүн да, өзбектер үчүн да 2010-жылдагы жаңжалдан алынган жараат жана экономикалык кыйроо бүгүнкү күнгө чейин сакталып калууда

Расмий көрсөткүчтөргө ылайык, коогалаңдан кийинки алгачкы үч айдын ичинде 37 миңден ашуун адам өлкөнүн түштүгүн таштап кетишкен, бирок саясат таануучу Икбол Мирсаитов бул көрсөткүчтөр чыныгы абалды көрсөтпөй тургандыгын айтат. Анын эсептөөсү боюнча, чыгып кеткендердин көпчүлүгү - өзбектер, алардын көпчүлүгү Кыргызстандан Орусияга чыгып кетишкендигин белгилейт. Ал эми кыргыздар да кетип жатышат, бирок алар борбор шаар Бишкек жайгашкан өлкөнүн түндүгүнө кетип жатышкандыгын айтат.

Учурда эки этникалык коомчулуктун жана жарандардын ортосундагы тирешүү улантылууда. IWPR тарабынан сурамжылоого алынгандар бөлүнүүлөр ишенбөөчүлүктөрдү, шектенүүлөрдү жаратып, бул өз кезегинде экономиканы калыбына келтирүүгө кедергисин тийгизип жаткандыгын айтышкан.

Ош шаарында кафе иштеткен өзбек ишкери Орусияга биротоло кетээрдин алдында иштерин бүтүрүүгө шаарга келгендигин IWPRга билдирген.

Ал мындай шашылыш аракетин төмөндөгүчө түшүндүргөн: «Жаңжалдан кийин августта жаңы эле ишимди баштаганымдан бир нече күн өтпөй мага кылмышкерлердин бир нече өкүлдөрү келишти. Алар мени тапанча менен коркутушту, кафемди алардын колуна өткөрүп берүүмдү талап кылышты. Алар улуттук маңызда кемсинтүүлөрдү айтышты. Ошондон кийин мен өз үй-бүлөм –аялым, үч балам менен тамак-ашыбызды алып Орусияга кетип калдык».

Ош шаарында куруучу болуп иштеген, өзүн Абдумалик деп тааныштырган адам коммерциялык иштер токтоп калгандыктан жана жумушка ээн-эркин баруу оор болгондуктан өз үй-бүлөсүн багууга акча табуу кыйын болуп калгандыгын айткан.

«Мен өзүм жашаган райондон алыс барып иштей албайм, анткени мен өмүрүмдөн жана ден соолугумдан кооптонуп жатам. Кээде барына кол шилтеп Орусияга кетип калгым келет», - деди ал.

Ош шаарында жүк ташуучу автоунаанын айдоочусу Хикматилло аттуу атуул да ушундай эле кооптонуусун билдирди.

«Июнь окуяларынан кийин көпчүлүк эл коогалаңдын кайталануусунан дагы деле коркуп жатышат. Кээ бирлери үй-жайларын сатып жатышат. Ушул жазда дагы бир топ адамдар кетиши мүмкүндүгү айтылууда», – деди ал.

Жалал-Абад шаарынан жеке ишкер Марат Нуралиев жашоо акырындап калыбына келип жаткандыгын, бирок элдер дагы деле болсо тынчсызданып жатышкандыгын айтты.

«Элдер жаңы жылда атайын аттыруучу заттардын үнүнөн деле чочулашууда, тынчсызданышып кандайдыр бир жаман нерсе болуп кетээринен чочулашууда», - деди ал.

Кыргыздар да, өзбектер да бири-биринен өч алууну каалабаса да, кандайдыр бир оор мамиле сезилип турат, алар бири-бирине тескери көздөрү жана жек көрүү менен карашууда», - деди ал.

Нуралиев кыш адатта тынч мезгил деп коопсуздук маселесинде үмүткө азгырылбоо керектигин эскертет, бирок негизги күйүүчү май, үрөн сыяктуу экономикалык көйгөйлөр чечилбесе жазында түштүктө дагы жаман окуялар болушу мүмкүн. Элдердин наарazычылыгын көп күчтөр - Бакиевдин тарапкерлери, ислам согушкерлери, баңгизатты сатуу менен алектенген адамдар өз максаттарынын кызыкчылыгына колдонушу мүмкүн.

Мирсаитов, бийлик экономиканы калыбына келтирүүгө аракеттенип, салыктагы жеңилдиктерди берүү сыяктуу чараларды жасап жаткандыгын, бирок мындай чаралар эл абалдын бир топ турукташып калгандыгын өздөрү сезишмейин аларга жардам бере албастыгын жана элдер мындай артыкчылыктарды колдоно алышпай тургандыгын айтты.

Ош шаарындагы анча чоң эмес дүкөндүн ээси Зумрад Танакова саясат таануучунун бул сөзүнө кошулаарын айтты.

«Мамлекет алты айга жеңилдиктерди берип, салыктарды чогултпаса да, салык төлөгүдөй эч нерсе иштеген жок», - деди ал.

ҚЫРҒЫЗСТАН

Ошону менен катар сурамжылоого алынгандардын кээ бирлери берген жооптор жагымдуу келечекке үмүт берет.

Баш аламандыктар орун алган жерлерде иликтөөгө алынган өзбектердин ичинде тартип коргоо оргaндарына болгон ишенбөөчүлүк бар.

Хикматилло, жүк ташуучу автоунаанын айдоочусу, эгер чыныгы күнөөкөрлөр сот алдында жоопко тартылбаса кыргыздар менен өзбектердин ортосунда тынчтык жана өз-ара түшүнүшүү болушу мүмкүн эместигин айтты.

Башка бир жашоочулар кыргыз тилин көтөрүү иш-чараларынын жүрүп жатышына тынчсыздангандыгын билдиришти. Декабрь айында Ош облусунун губернатору Сооронбай Жээнбеков бардык мамлекеттик мекемелер-



ге иш кагаздарын улуттар аралык байланышта кеңири тараган расмий орус тилинде эмес, кыргыз тилинде жүргүзүүгө буйрук берди.

Кыргыз өкмөтү көп убакыттан бери кыргыз тилин көтөрүүгө аракет жасап келет. Ушундан улам өзбектер тарабынан көптөгөн нааразычылыктар жаралып, чечүүнү талап кылган көптөгөн көйгөйлөр турганда мындай иш-чараны жүргүзүүнүн азыр зарылчылыгы барбы деген суроону пайда кылууда.

Түштүктүн алдында турган көйгөйлөргө карабастан Мирсаитов келечектен жакшы үмүтүн үзбөйт.

«Кыргыздар менен өзбектер өздөрү өз-ара сүйлөшүп алышат деген пикирлер да бар. Бир жагынан бул мамилелерге саясат кийлигишпөөсү керек деп айткандарга кошулам», - деди ал.

**Анара Юсупова,** Бишкектеги журналисттин ойдон чыгарылган аты.


**Исомидин Ахмеджанов,** IWPRдын тренингинен өткөн Оштогу журналист.

# КАРГАШАЛУУ ОК
# ШААРЫНЫН КАЛ









КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА КЫРГЫЗСТАН

# УЯДАН КИЙИН ОШ ЫБЫНА КЕЛТИРИЛИШИ





*Сүрөттүн автору Игорь Коваленко*

*Сүрөт 2011-жылдын январь айында, каргашалуу окуядан 8 ай өткөндөн кийин тартылып алынды.*

*Фотогалерея сайтында www.iwpr.net жарыяланган.*





# ТАЖИКСТАН

# ТАЖИКСТАН НИКЕ КАТТООНУ КЫЙЫНДАТУУДА

Тажик паспортун алуу максатында никеге тургандарга чекит коюу максатында мыйзам кабыл алынды.

Мыйзамга тажик жараны менен чет элдик жарандын ортосундагы нике түзүү иш-чараларын татаалдаштырууну караган оңдоолорду киргизүү Афганистан жана Кытай жарандары тараптан атайын пландаштырылып жасалуучу никеге чекит коюуга багытталган.

Январь айынын аягында кабыл алынган мыйзамга киргизилген оңдоолорго ылайык, чет элдик жаран тажик кыздарына үйлөнүш үчүн ал бир жыл Тажикстанда жашашы керек. Күйөөсү сөзсүз никеге чейин келишимге кол коюшу керек. Ага ылайык, болочоктогу күйөө болуучу адам аялына турак жай сатып берүүгө милдеттенет. Чет элдик жаран өлкөдө беш жылдан ашык убакыт жашагандан кийин гана турак-жай сатып алууга укугу болгондуктан, сатылып алынган үй-жай Тажикстандын жаранына катталат.

Тажикстандын алдында эммиграция көйгөйү миграцияга караганда курч тургандыктан, өлкөдө орундук табуунун көздөгөн чет элдиктер менен никеге туруууга тыюу салуу бир караганда түшүнүксүз.

Ошого карабастан эксперттер мыйзамга киргизилген түзөтүүлөр белгилүү эки топко – афгандарга жана Кытайдын батышындагы Синдзянь провинциясындагы мусулман азчылыгынын өкүлдөрү – уйгурларга тиешелүү экендигин айтышат. Чет элдик жарандардын көпчүлүгү жарандуулук алууну тездетүү максатында тажик кыздарына баш кошушат. Анткени тажик жаранын үйлөнсө алар беш жылда эмес, үч жылда жарандык алууга мүмкүндүк алышат. Өлкөдө жаран катары жашоо бизнес жүргүзүүгө жакшы шарттарды түзүү менен бирге мурдагы Советтер Союзунун курамына кирген мамлекеттерде, анын ичинде Орусиянын өзүндө визасыз эркин жүрүүгө жол ачат.

Адилет министринин орун басары Абдуманнон Холиков 1-февралда Stan.tvдан чыгып сүйлөгөндө мындай түзөтүүлөрдү кабыл алуунун себебин түшүндүрүп жатып мындай деди: «Чет элдик жарандардын көпчүлүгү жергиликтүү кыздарга үй-бүлөө куруу үчүн эмес, Тажикстандын жарандыгын алуу бир топ оңой болсун үчүн үйлөнүшөөрү жашыруун эмес».

Жергиликтүү жарандар менен никеге көбүнчө тили жана диний ишеними Тажикстанга окшош болгон Афганистан жана Иран мамлекеттеринин өкүлдөрү, же дини жагынан окшош болгон Пакистан, Турция жана кытайлык уйгурлардын өкүлдөрү турушат.

Расмий статистика көрсөткөндөй акыркы беш жылда Тажикстанда чет элдик жарандар менен катталган 2700 никелешүүнүн ар бир бешинчиси кайрадан бузулган.

Нилуфар Собир, социалдык маселелерди чагылдырган тажик журналисти мыйзамга киргизилген түзөтүүлөрдү жылуу кабыл алды. Анын пикиринде, мыйзамга киргизилген бул оңдоолор бул маселеде алсыз болгон аялдар менен балдарды коргоого жардам берет.

«Соңку мезгилдерде уйгур тегиндеги Кытай жараны Тажикстанда калып жашап жана иштөөгө артыкчылык берген ма-анай күч алгандыгын байкоого болот. Ушундай эле көрүнүштөр афган эркектеринин арасында да байкалган», - дейт ал.

Алар көбүнчө тамак-ашы жок аялдарга үйлөнүшөт жана өз бизнесин жана менчиктерин ошолорго каттаттырып коюшат. Кийин эркектер өз үйлөрүнө кайтышканда тажик аялдарын эч нерсеси жок таштап кетишет», - дейт Собир.

Дүйшөмбү шаарынын тургуну Азиза апасы Афганистандык 35 жаштагы бизнесменге күйөөгө бергенде болгону 18 жашта болгон.

Өз никесин расмий каттоодон өткөрбөй мусулман салт-санаасы менен турмушка чыккан көпчүлүк Тажик аялдарынан айырмаланып Азиза күйөөгө чыкканда расмий түрдө каттоодон өткөн. Бирок ал кийинчерээк күйөөсүнүн эки афган аялы бар экендигин билген. Кийинчерээк, күйөөсү өлгөндөн кийин Азиза күйөөсү өзүнүн бардык мүлкүн учурда Европада жашаган биринчи аялына таштагандыгын билген, ал эми Азиза үч баласы менен эч нерсеси жок калган.

Нигина Бахриева, «Нота бене» коомдук уюмдун жетекчиси укуктук чектөөлөрдү киргизүү адам укуктары жөнүндөгү эл аралык конвенцияларга каршы келиши мүмкүн деп тынчсызданууда.

Мындай чектөөлөр аялдарды мурдагыга караганда дагы оор абалга салышы мүмкүн деп жоромолдойт. Анткени алардын күйөөлөрү мыйзамдуу нике түзүүнүн татаалдыгынан качып молдо тарабынан бата берилген диний нике гана түзүшү мүмкүн. Эгер ушундай болсо, ажырашкандан кийин мурдагы аялдары эч нерсесиз калышат.

«Артында эч кандай укуктук жоопкерчиликти камтыбаган мындай мамиле, тескерисинче тажик аялдарын андан бетер алсыз кылып, алардын социалдык-укуктук макамын начарлатышы мүмкүн», - дейт ал.

Гендердик теңчилик жана аялдарга карата зордук көрсөтүүнү жоюу боюнча Ассоциациянын аткаруу директору Алла Кувватова никеге чейинки келишим аялдын атына кыймылсыз мүлктүн катталышынан кийин эле күйөөсү менен ажырашкан ошол аял тарабынан да бузулушу мүмкүн.

Башка бир эксперттердин айтымында, бул топтун кээ бир өкүлдөрүнүн иш-аракетинен улам мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр бардык чет элдик жарандар менен болгон никелешүүгө өз залакасын тийгизиши мүмкүн. Өзүн Шахноза деп тааныштырган аял ал университетти бүтүп иштей баштагандан тарта өзүнүн чөйрөсүндө «өтө кары» деп эсептелгендигин, ошондуктан ал афган кишисине турмушка чыккандыгын жана алар Канадага кетип калышкандыгын, ошондой эле ал жакта эки баласы менен бактылуу жашап жатышкандыгын айтып берди.

Адилет министринин орун басары Холикова чын ниети менен турмуш куруууга ниеттенген түгөйлөргө мыйзам тоскоол болбой тургандыгын айтты.

Бир катар укук коргоочулар чет элдик жарандар менен болгон никеге мындай көңүлдүн бурулушу чет өлкөгө жумуш издеп кетип жана ал жакта калып жаткан тажик күйөөлөрү таштап кеткен көп сандаган аялдарга бийликтин жардам бере албай калгандыгын көрсөтөөрүн айтып жатышат.

Түрдүү баа берүүлөр боюнча ата мекенин таштап кетип жаткан тажикстандык жумушчу мигранттарынын саны 800дөн 1 миллионго чейин жетип, алардын көпчүлүгү Орусияга кетип жатышат. Эл аралык уюмдардын миграция боюнча 2009-жылга жасаган отчётунда күйөөлөрү таштап кеткен аялдардын жакыр абалы жөнүндө айтылып, чет өлкөдө иштеп жаткан эркектердин үчтөн бири ошол мамлекетте калып жаткандыгы көрсөтүлгөн. (IWPRдын «Тажикстандагы күйөөлөрү таштап кеткен аялдардын оор абалы» деген макаласынан окуй аласыздар).

**Фаромарз Оламафруз** жана **Ясмин Хушбахт –**
Тажикстандагы журналисттердин ойдон чыгарылган аттары

ОБЪЕКТИВДЕ ТАЖИКСТАН

# АЯЛДАР ЭМГЕГИНИН ҮЛҮШҮ

*Сүрөттүн автору: Дэвид Триллинг*

*Сүрөт Тажикистанда 2009-жылы тартылган.*

*Сүрөттөр «Борбордук Азиянын аялдары. Үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук. Миграция. Жакырчылык» көргөзмөсүндө көрсөтүлдү.*













## ӨЗБЕКСТАН

# ӨЗБЕКСТАНДЫН ТҮРМӨЛӨРҮНДӨГҮ КЫЙНООЛОР

Качан мен Өзбекстандагы түрмөлөрдөгү кыйноолор камалгандарды психикалык ооруга дуушар кылаары тууралуу макала жазаардын алдында мен аталган өлкө жабык өлкө болгондуктан мага бир топ эле оор болоорун сезгенмин.

Мен мындай макаланы Өзбекстандагы адам укуктары жаатында макала жазышып, ал өлкөдөн чыгып кетүүсүнө мажбур болгон журналисттердин мага мындай макаланы жазуудан баш тартуумду сунуштаганына карабай кириштим.

Ошондой эле алар мага эгерде мындай макалаларды жаза турган болсом, ал өзбек бийликтерине кызыл чүпүрөк болоорун жана алар мени кара тизмеге киргизишип, ал өлкөгө баруума тыюу салып, ал тургай эгерде бара турган болсом, менин буюмдарыма баңги затын салып коюп түрмөгө камап коюшу да ыктымал экендигин эскертишти.

Ошондой болсо да мен бул теманы жазууга кириштим. IWPRдын Кыргызстандагы бөлүмүндө иштеп, ушул өлкөдө жашап, Өзбекстан, Түркмөнстан сыяктуу башка өлкөлөрдүн журналисттеринин иштөөсүнө тыюу салган өлкөлөрдө ал өлкөлөр тууралуу макала жазуу оңойго турган жок. Анткени маалымат алуу, экинчи жагынан жергиликтүү тургундар менен байланышуу өзгөчө кооптуу болду.

Бул иште мен үчүн башкы кыйынчылык түрмөдө отургандардын ата-энелери менен байланышуу абадан эле оор болду.

Өз макаламда мен Өзбекстандын түрмөлөрүндөгү кыйноолор ар кандай психикалык ооруларга алып келээрине жана мындай аракеттер аталган өлкөнүн түрмөлөрүндө адаттагы көрүнүшкө айланганына басым жасадым. Мындан сырткары эң коркунучтуусу мындай кыйноолорго дуушар болгондор эч кандай медициналык жардам алышпайт жана алар тууралуу маалымат жашыруун сыр катары сакталат.

Менин мындай теманы жазууга белсенип киришүүмө өзбек укук коргоочулар тарабынан түзүлгөн ар кандай интернет сайттарындагы материалдарды окуган соң жана кеңсеси Парижде жайгашкан «Борбор азиядагы адам укуктары» деп аталган уюмдун жетекчиси Надежда Атаева менен сүйлөшүүм түрткү берди. Анткени алар Өзбекстандын түрмөлөрүндөгү мындай кыйноолорду дүйнө коомчулугуна билдирүү өтө маанилүү экендигин зарлап айтышты.

Мындан сырткары Атаеванын Өзбекстандын түрмөлөрүндө кыйноого дуушар болгондордун ата-энелери, тууган уруктарынын укук коргоочуга жазган каттары да түрткү болду.

Жакындары түрмөдө жаткан атуулдар айлалары кетип, эмне кылаарын билишпей, кимден жардам алаарын билишпей, баштары маң болуп калган учурда кандайдыр бир жардам болоор бекен же мындай кыйноолорду коомчулукка билдирип койсо да кандайдыр бир жылыш болот деген ниетте укук коргоочуларга жашыруун маалыматтарды берүүгө аргасыз болушкан.

Канчалык маселеге тереңдеп кирген сайын мага психологиялык жактан оор болду. Анткени мен маселени ачып берүү максатында, мындай оор абалга дуушар болгондордун жакындары менен сүйлөшүп, чачты тик тургузган маалыматтарды алууга жетиштим.

Өз мезгилинде түрмөдө отургандардын Өзбекстандагы жакындарына же юристтерге же психотерапевттерге телефон чалуум бирдей эле натыйжасыз болуп жатты. Мен кай жактан, эмне үчүн чалып жатканымды айтканымда эле алар телефонду ыргытып, сүйлөшүүдөн баш тартып жатышты. Анткени алар мындай маалыматты берүүдөн өздөрү жана тугандары үчүн бийлик тарабынан кысым болоорунан коркуп баш тартып жатышты.

Мындай учурду алар атайын кызматтын өкүлдөрү өздөрү угушуп же аларды кармоого атайын уюштурулуп жаткан иш чара катары сезип жатышты.

Ошого карабай мен аларга кийинки күнү да телефон чалып, аларды кандайдыр бир маалымат берүүсүн өтүнүп жаттым.

Мени менен маектешкендердин бири өзүнүн жакынынын учурдагы абалын айтуу ал үчүн абдан эле оор экендигин эскертип, ал тууралуу өткөн чакта, анын кандай болгондугу, эмне менен алектенгенин айтып берди. Экинчиси тескерисинче өзүнүн түрмөдөгү жакыны тууралуу абдан көп маалыматтарды айтып бере баштаганда, менин дене боюм дүркүрөп кетип жатты. Анын айрымдарын мен өзүмдүн макалама киргиздим.

Ошондой эле мен Өзбекстандагы психотерапевт менен да сүйлөштүм. Ал мага кандайдыр бир маалымат берүүнүн ордуна менин ким экенимди, кайда жашаганымды, мындай макаланы эмне үчүн жазып жатканыма кызыкты.

Ошондой эле Өзбекстандагы адам укуктары боюнча Улуттук борбор менен байланышуум да натыйжалуу болгон жок. Анын жардамчысы мага менин дарегимди калтыруумду жана кат жүзүндө кайрылуумду талап кылды. Өзбек журналисттери мага расмий бийлик баарына эле ушундай жоопту берээрин айтышты. Алардын айтымында чиновниктер түз жооп беришпейт, ошол эле мезгилде кат түрүндө жазылган нерсеге таптакыр эле жооп беришпейт.

Ошондой болсо да Өзбекстандын түрмөлөрүндөгү кыйноолор тууралуу көп айтылып келет.

Өзбекстан бийлигинин жана укук коргоочу уюм өкүлүнүн отчётун угуу менен ООНдун адам укуктары боюнча комитети аталган өлкөдөгү адам укуктарынын абалын оңдоо жаатында бир катар сунуш пикирлерди айтты. Анын ичинде комитет аталган өлкө бийлигин түрмөдө отургандарга карата кыйноолорду токтотууга, мындай аракеттерди жасагандарды сот жүзүндө жазалоого, ал эми жабырлануучуларга материалдык жардам көрсөтүүнү сунуштады.

Мен буга чейин Өзбекстанда эч убакта болгон эмесмин жана мен бул өлкөнү таң калыштуудай кооз, табышмактуу, меймандос өзүнүн улуттук тамагы палоо, ысык наны бар эл катары элестетип келем. Тилекке каршы ушул макаланы жазгандан кийин мага Өзбекстан тууралуу уксам, дароо эле тууган уруктары бейкүнөө түрмөлөргө камалып, аларды бошото албай зар какшаган аялдардын, кишилердин элеси тартылат.

**Юлия Горяйнова,** Бишкектеги IWPRдын Түркмөнстан жана Өзбекстан боюнча редактору

ӨЗБЕКСТАН

## ОБЪЕКТИВДЕ ӨЗБЕКСТАН

# ӨЗБЕКСТАН ТҰЛҒАЛАРЫ







*Сүрөттүн автору:*
***Андрей Кудряшов***
***жана Умида Ахмедова***





# ТҮРКМӨНСТАН

# РЕФОРМАЛАНГАН ТҮРКМӨНСТАНДАГЫ РЕПРЕССИЯ КОРКУНУЧУ



Жаңы президент өзгөрүүнү убада кылганынан төрт жыл өтсө да башкача ойлонгондор куугунтукка алынууда

Түркмөнстан канчалык өзүн эл аралык коомчулук астында өзгөрүүгө учураган өлкө катары көрсөтүүгө жан далбас урса да, аталган республикада жашаган атуулдар, ал жердеги адам укуктарына байланыштуу абал мурдагыдай эле оор бойдон калгандыгын айтышууда.

Бийликке жакпаган ар кандай аракеттин дароо жазаланышы, өз мезгилинде коомчулуктун аргасыздан баш көтөрбөй, унчукпай күн өткөрүүсүнө түрткү болууда.

Качан 2007-жылы Гурбангулы Бердымухаммедов Сапармурат Ниязовду алмаштырып, бийликке келгенде, ал коомчулукка өзүнө чейинки мамлекет башчысы тарабынан жасалган аракеттерди толугу менен реформалоону убада кылган.

Ошону менен бирге Бердымухаммедов дароо мурдагы бийлик тарабынан өлкөнүн саламаттыкты сактоо, билим берүү, маданият тармактарындагы коомчулук үчүн кыйынчылыкты жараткан тоскоолдуктарды алып салган.

Ошол эле мезгилде, башка тармактарды өзгөртүүгө болгон убадалар сөз бойдон эле калды. Маселен, саясий максаттарда дүйнөлүк коомчулукту таң калтыруу максатында өлкөдө оппозициялык маанайдагы саясий партиялардын аракетине уруксат берүү демилгеси иш жүзүнө ашырылган жок.

Түркмөнстан Ниязовдун тушундагыдай эле бир партиялуу полициялык өлкө бойдон калып, ал тургай көз карандысыз маалымат каражаттарынын аракетине уруксат берилген жок.

Мамлекеттик атайын кызматтар өлкөдөгү бардык иштерге кийлигишет. Алар шектүү делген адамдардын телефон аркылуу сүйлөшүүлөрүн угушуп, интернет трафиктерди көзөмөлгө алышып, өздөрүнө шектүү делген адамдардын чет өлкөлөргө чыгуусуна тыюу салышат. Мындан сырткары Түркмөнстандагы жашоону сындаган ар бир атуулду коркутуп үркүтүүгө чейин барышат.

Активдүү диссиденттер жана оппозиция өкүлдөрү көп жылдан бери же түрмөдө жатышат же башка өлкөлөрдө качып жүрүшөт. Ошондой эле мындай куугунтукка Бердымухаммедовдун каарына калып, кызматтан алынган чиновниктер жана алардын үй-бүлө мүчөлөрү дуушар болуп келишет.

ТҮРКМӨНСТАН

«Биз, бул президент мурдагы президентке караганда башкача саясат жүргүзүп, өлкөдө репрессия азайып, коркутуп-үркүтүү токтойт, деп ойлодук эле. Иш жүзүндө андай болгон жок», - дейт Ашхабаддык журналист. Ошондой эле ал телефон аркылуу бир нерсе айтуудан коркобуз. Анткени, байкабай бир нерсени айтып алып түрмөдө отургандардын саны артууда, деп кошумчалады ал.



Ашхабаддык улгайган аялдын айтымында, аны эки күн илгери Украинадагы туугандары менен телефон аркылуу сүйлөшүү учурунда өлкөдө баалардын өсүп жатканын айткандыгы үчүн атайын кызматтар чакырышып суракка алышып, коркутуп үркүтүшкөн. Ошондой эле, аялга алар картадан Африка өлкөлөрүн көрсөтүшүп, «ошол жакта эч нерсе жок, бизде баары бар, түшүндүңбү», - деп кекетишкен. Айласы мукураган улгайган аял алардан кечирим сурап жатып зорго кутулган.

Бийликтин кыжырына тийип алганыңды байкабай деле каласың.

Өлкөнүн түштүгүндөгү Балканат шаарынын жашоочусу иштеген жерлеринен бир эки күнгө уруксат алууну жана кошумча эмгектери үчүн айлык акы кошуп берүүнү сурангандыктары үчүн кызматтарынан айрылышкандыгын айтып жалоoруйт.

«Начальник аялыма: «Бар эриңе айт, көп эле өзүнүн укугун коргой бербесин, ошенте берсе бардыгыңарды түрмөгө отургузам»,- деп айткандан кийин жумушсуз калдык деп кошумчалады ал.

Өлкөнүн чыгышындагы Түркмөнабат шаарынын жашоочусу элдер ойлонбой бир нерсе деп айтып алгандан коркуп калышкандыгын айтат.

Мына ушундай шартта коомчулуктун өкүлдөрү бийлик эмне десе баарына макул болушат. Бийлик кааласа аларды чогуусу менен кандайдыр бир мамлекеттик жыйындарга алып барат же көчө шыпыртат же эң маанилүү делинген иш-чара катары элдерди чогуусу менен айдап барып пахта тердиртет.

Ошондой эле, кандайдыр бир мамлекеттик долбоорду ишке ашыруу үчүн коомчулуктан каражат чогултулат же массалык түрдө кандайдыр бир гезитке катталуу жүргүзүлөт.

«Коомчулук мындай өз билемчиликке чыдашат. Анткени алар мындай аракеттерге баш ийбей коюу жаман нерсеге алып келээрин билишет», -дейт өлкөнүн түндүгүндөгү Дашогуз вилаетинин Куняургенча шаарынын тургуну.

Байкоочулардын пикиринде, Бердымухаммедовдун бийликке келиши менен чет өлкөгө чыгууга тыюу салынган адамдардын кара тизмесиндегилердин саны артууда.

Нидерландияда жайгашкан көз каранды эмес адвокаттардын бирикмесинин башчысы Тимур Мисрихановдун айтымында, учурда мындай тизмеге киргендердин саны 18 миң адамга жетти. Анын айтымында, Бердымухаммедовдун бийликке келиши менен мындай адамдардын саны бир кыйла адамга артты.

Мындай кара тизменин бар экендигин тастыктаган миграция кызматынын өкүлү дароо эле кызматтан алынат, дейт атын атагысы келбеген аталган кызматтын өкүлү.

Ашхабаттын жашоочусу, өзүн Анна деп тааныштырган аял анын мындай тизмеге 2006-жылы Орусиядагы туугандарына кетүүгө даярданып калганда түшкөнүн айтат. Ошондой эле, ал өз агасы камакка алынгандыгын кошумчалайт.

Дароо эле тартип коргоо органдарынын жана миграция кызматынын өкүлдөрү ага чет өлкөгө чыгуусуна тыюу салынгандыгын эскертишкен. Ошондон бери мен аларга эч кандай өтүнүч менен кайрыла элекмин. Анткени мындай чектөөнү алып салуу өтүнүчү менен кайрылсам, кайрадан текшерүү башталып, мен эле эмес менин туугандарыма репрессия башталбасын, деп коркуп эч кимге кайрыла элекмин дейт ал.



Айрым учурда атуулдар алардын мындай кара тизмеде бар экендигин билишпей аэропортко чейин барып алышат. Мындай адамдарды чек ара кызматкерлери атайын тизмени карап өткөрбөй коюшат да алар артына кайтууга аргасыз болушат.

Алардын себептери түшүндүрүлбөйт. Маселен, 2009-жылы Кыргызстанда окуган көп студенттерди жайкы эс алуудан кийин алардын окуусун улантуу үчүн

Кыргызстанга келүүсүнө тыюу салынган.

Эмдигиче бир топ жаш атуулдардын башка өлкөлөргө чыгуусуна тыюу салынган, дейт Түркмөнабаддын жашоочусу. Ошондой эле, ал өзүнүн баласын башка өлкөгө окууга жиберүүнү каалап, бирок мындай оюнан баш тартууга аргасыз болгондугун кошумчалады.

Январь айында Бердымухаммедов миграция кызматынын ролун жогорулатып, чек ара текшерүүсүн күчөттү. Бул президенттин сентябрь айындагы күч органдарына Түркмөнстандын коопсуздугуна коркунуч келтиргендерге карата чараны күчөтүү зарыл деген чакырыгынан соң ишке ашырылды.

Сурамжылоого алынган аналитиктердин бири келечекке абдан эле ишенбөөчүлүк менен карай тургандыгын жашырган жок. Анын айтымында, бийлик учурда элди жүгөндө кармап, кимде ким аларга каршы сөз айтса андайларга аёосуз чара көрүлгөндүгүн айтат.

Ашхабаддагы калган бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнүн бири бийликтин мындай аракети коомчулукту артка тартып, өлкөнүн өнүгүшүнө тоскоол болуп жаткандыгын айтат.

«Атайын кызматтын өкүлдөрү аябагандай эле жаман иштерди жасашат. Алар ар бир адамды эле кылмышкер катары карашат. Эң жаманы алар күнөөсүз адамдарды репрессия кылууну көздөшөт. Мындай аракеттер карапайым адамдардын ого бетер басынып, чүнчүүсүнө түрткү болууда».

**Омар Сельджук,** Түркмөнстандагы журналисттин ойдон чыгарылган аты.


**Инга Сикорская,** IWPRдын Түркмөнстан жана Өзбекстан боюнча башкы редактору.

# АШХАБАТТЫН К









## КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА ТҮРКМӨНСТАН

# КӨРҮНҮШҮ










*Сүрөт Түркмөнстандын борборунда 2007-, 2009-, 2011-жылдары тартылган.*

# ДОЛБООРДУН ҮСТҮНДӨ ИШТЕГЕНДЕР



Абахон Султонназаров,
*IWPRдын Борбордук Азия боюнча аймактык директору*



Джон МакЛеод,
*IWPRдын Лондондогу башкы редактору*



Саулэ Мухаметрахимова,
*Лондондогу Борбордук Азия аймагы боюнча редактор*



Айтолкын Курманова,
*IWPRдын Казакстандагы өкүлчүлүгүнүн директору*



Эрлан Абдылдаев,
*IWPRдын Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн директору*



Абдумалик Кадыров,
*IWPRдын Тажикистандагы өкүлчүлүгүнүн директору*



Дина Токбаева,
*IWPRдын Борбордук Азия боюнча Бишкектеги редактору*



Лола Олимова,
*IWPRдын Тажикистан боюнча редактору*



Инга Сикорская,
*IWPRдын Өзбекстан жана Түркмөнстан боюнча башкы редактору*



Юлия Горяйнова,
*IWPRдын Өзбекстан жана Түркмөнстан боюнча редактору*



Алмаз Рысалиев,
*IWPRдын Казакстан боюнча редактору*



Эмир Кулов,
*IWPRдын Кыргызстан боюнча редактор*



Парвина Хамидова,
*Борбордук Азия боюнча ЕСтин долбоорунун редактору. 2009-2010-жж.*



Нурлан Абдалиев,
*IWPRдын Кыргызстандагы радиоредактору*



Шаходат Саибназарова,
*IWPRдын Тажикистандагы радиоредактору*



Каарманбек Кулуев,
*IWPRдын Кыргызстандагы радиоредактору 2009-2010-жж.*



Зебо Таджибаева,
*IWPRдын Тажикистандагы радиоредактору, 2009-2010-жж..*



Дилафруз Назарова,
*IWPRдын Тажикистандагы өкүлчүлүгүнүн директору 2010-ж.*



Ольга Досыбиева,
*IWPRдын Казакстандагы өкүлчүлүгүнүн директору 2009-2010-жж.*



Айгуль Болотова,
*Борбордук Азия боюнча ЕСтин долбоорунун 2009-2010-жж. координатору*



Адил Джалилов,
*Борбордук Азия боюнча ЕСтин долбоорунун 2009-2010-жж. аймактык редактору*

# ДОЛБООРДУН ЖҮЗҮ



## IWPR Central Asia долбоордун алкагында, анын ичинде бюллетендин ушул санын даярдоодо бизге жардамын аябагандарга терең ыраазычылыгын билдирет:

«I-media» компаниясы (Кыргызстан); «VRS» компаниясы (Кыргызстан); инфографика боюнча адис Наталья Кожевникова (Казакстан); оператор-монтажер Фаромуз Муминджонов (Тажикстан); монтажер, видеоредактор Антон Слонь (Кыргызстан); оператор-монтажер Темур Укушев (Казакстан); сүрөтчү Бахриддин Исамутдинов (Тажикстан); сүрөтчү Валерий Калиев (Казакстан); сүрөтчү Игорь Коваленко (Кыргызстан); сүрөтчү Вячеслав Оселедко (Кыргызстан); сүрөтчү Рустам Юлдашев (Тажикстан); сүрөтчү Елена Скочило (Кыргызстан); сүрөтчү Нурлан Абдалиев (Кыргызстан); сүрөтчү Серик Ковланбаев (Казакстан); сүрөтчү Дэвид Триллинг (США); сүрөтчү Зарина Хушвакт (Тажикистан); сүрөтчү Влад Ушаков (Кыргызстан); сүрөтчү Рауль Упоров (Казакстан); сүрөтчү Алтынай Мырзабекова (Кыргызстан); корректор Бакыт Дыйканов (Кыргызстан); котормочулар Алмазкан Акматова жана Салтанат Шабданалиева (Кыргызстан); котормочулар Динмухамед Зиядин (Казакстан); котормочулар Зебо Раджабова, Фахриддини Холбек жана Джовид Муким (Тажикстан), карикатурист Нурбек Насыранбеков (Кыргызстан).


## Байланыш даректери:


**Institute for war & peace reporting**
48 Gray's Inn Road
London, WC1X 8LT, UK
Tel: (44 20) 7831 1030
Fax: (44 20) 7831 1050
Web: www.iwpr.net
E-mail: info@iwpr.net


**Кыргыз Республикасындагы IWPR өкүлчүлүгү**
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары., 720017
Тоголок Молдо көчөсү, 18-2
Тел: + 996 312 66 44 53, 61 38 70. Тел./Факс: +996 (312) 61 38 70
e-mail: iwpr.kyrgyz@iwpr.net

**Казакстан Республикасындагы IWPR Өкүлчүлүгү**
Казакстан Республикасы, Алматы шаары., 050000
Казыбек бий көчөсү, 50, 2-кабат, 84-кеңсе
Тел.: +7 727 272 59 03, 272 64 21, 272 68 90
E-mail: iwpr.kazakhstan@iwpr.net

**Тажикстан Республикасындагы IWPR Өкүлчүлүгү**
Тажикстан Республикасы, Дүйшөнбү шаары, 734003
Рудаки көчөсү., 137 «Точикматлубот», 6-кабат.
Тел.: +992 (372) 24 70 26 Тел./Факс: +992 (372) 24 70 51
e-mail: iwpr.tajikistan@iwpr.net

INSTITUTE FOR WAR & PEACE REPORTING

**Institute for war & peace reporting**
48 Gray’s Inn Road
London, WC1X 8LT, UK
Tel: (44 20) 7831 1030
Fax: (44 20) 7831 1050
Web: www.iwpr.net
E-mail: info@iwpr.net



**Кыргыз Республикасындагы IWPR өкүлчүлүгү**
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 720017
Тоголок Молдо көчөсү, 18-2
Тел: + 996 312 66 44 53, 61 38 70.
Тел./Факс: +996 (312) 61 38 70
E-mail: iwpr.kyrgyz@iwpr.net



**Казакстан Республикасындагы IWPR Өкүлчүлүгү**
Казакстан Республикасы, Алматы шаары, 050000
Казыбек бий көчөсү, 50, 2-кабат, 84-кеңсе
Тел.: +7 727 272 59 03, 272 64 21, 272 68 90
E-mail: iwpr.kazakhstan@iwpr.net



**Тажикстан Республикасындагы IWPR Өкүлчүлүгү**
Тажикстан Республикасы, Дуйшөнбү шаары,  734026
Турсун-заде көчөсү., 45, ком № 518, «Пойтахт»
тейлөө борбору, 5-кабат.
Тел.: +992 (372) 28 94 96
Тел./Факс: +992 (372) 24 69 11
E-mail: iwpr.tajikistan@iwpr.net

Макаланын мазмунуна IWPR толук жоопкерчиликти мойнуна алат жана ал Европа Шериктештигинин өлкөлөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.